# Түркстан хандыктары менен Осмон мамлекетинин байланыштары султандык архив документтеринде. (XIX  к. экинчи жарымы-XX к. башы).

Кыргыз-түрк Манас университетинин басылмалары:182.

Илимий изилдөөлөр тизмеси: 16.

Бишкек, 2015.

XIX к. Орто Азияда жацы тарыхый кырдаал жаралып, тарыхында бурулуш жасалганы ал мезгилде Россия падышачылыгынын Туркстанды басып алуу планы ишке ашып, хандыктардын тарых сахнасынан чыга баштаган мезгили эле. XVI к. бери Осмон мамлекети менен байланышып келе жаткан Орто Азия XIX к. езгече саясий — экономикалык жактан жардам сураганын керууге болот. Мындан улам XIX жана XX к. башында Орто Азия менен Осмон мамлекетинин байланыштары тууралуу баяндаган архивдик документтер электен еткерулуп, кыргызчага которулган сон, алардагы тарыхый маалыматтар ез мезгилинде жазылган кол жазмалар жана кыргызча, туркче, орусча жазылган илимий эмгектердеги маалыматтар менен салыштырылып берилди.

XIX к. Россия, Англиядан айырмаланып Осмон мамлекети жеке кызыкчылыгын кездебегену маалым болду. Ал эми Россия мамлекети Орто Азиядагы мамлекеттердин абалынын начардоосунан пайдаланып, аты аталган челкемдерду басып алган.

Бул теманы изилдееде зор эмгеги синген агайларым Проф. Док. И. Шахинге, тарых илимдеринин кандидаты, доцент А. Мокеевге жана изилдееде профессионалдык жардамын керсеткен илимий жетекчилик жасаган тарых илимдеринин кандидаты, доцент М. Кожобековго терен ыраазычылыгымды билдирем. Мындан сырткары диссертацияга баалуу кеп —кенеши менен белушкен т. и. к., доцент А. Пала, т. и. к., доцент М. Туш, жана ф. и. к., доцент К. Акарсу менен ф. и. к. Х. ©збайга терен ыраазычылыгымды билдиргим келет.

## МАЗМУНУ

Кыскартуулар ........................................................................................ x[

Т аблицалар ........................................................................................хш

I Б АП. Киришуу........................................................................1

II БАП. XIX —XX к. башындагы Осмон мамлекети менен
Орто Азия мамлекеттериндеги саясий абал ......................................19

1.) XIX к. жана XX к.башындагыОсмон мамлекетинин саясий
абалы........................................................................................19

2.) XIX —XX к. башындагы Орто Азиямамлекеттеринин
саясий абалы жана Осмон мамлекетинин аларга жасаган
дипломатиялык саясаты .................................................31

ТТТ БАП. Дипломатиялык каттарга жалпы мунездеме жана анализ.........44

IV БАП. XIX —XX к. башындагы Осмон мамлекети менен Орто
Азия мамлекеттеринин ортосундагы саясий — экономикалык байланыштар
.......................................................................................................60

V БАП. XIX —XX к. башындагы Осмон мамлекети менен Орто Азия
хандыктарынын ортосундагы диний жана гуманитардык
байланыштар ........................................................................................86

VI БАП. Корутунду........................................................................105

Булактар........................................................................................111

Тиркемелер........................................................................ 129

Карталар 273

**KMCKAPTyyAAP**

| | |
|---|---|
| c. | : cilt |
| Ca. | : Cemaziyel-Evvel |
| Çev. | : çeviren |
| Dr. | : Doktor |
| HR SYS. | : Hariciyye Siyasî |
| İA. | : İslam Ansiklopedisi |
| M. | : Muharrem |
| Nu. | : numara |
| No | : number |
| P- | : page |
| s. | : sayfa |
| S. | : sayı |
| ss. | : sayfalar |
| Ş. | : Şaban |
| T. c. | : Türkiye Cumhuriyeti |
| TK. | : Türk Kültürü |
| TTK | : Türk Tarih Kurumu |
| Yay. Haz. | : Yayma hazırlayan |
| Yay. | : yayın |
| YY. | : Yüzyıllar |

| | |
|---|---|
| ъ. | : Zilhicce |
| АН СССР | : Академия Наук Союз Советских Социалистических Республик |
| АН Уз. ССР | : Академия Наук Узбекской ССР |
| б. | : бет |
| Б. | : Бишкек |
| Воет. Туркестан | : Восточный Туркестан |
| Вып. | : выпуск |
| Изв. АН Кирг ССР | : Известия Академии Наук Киргизской Советской Социалистической Республики |
| км. | : километр |
| Компартия | : Коммунистическая партия |
| М. | : Москва |
| ошон. Эле | : ошондо эле |
| с. | : страницы |
| сер. | : середины |
| СОН | : серия общественных наук |
| Собр. соч. | : собрание сочинений |
| Т. | : том |
| Ф. | : Фрунзе |
| Ч. | :часть |

# Таблицалар:

## XIX к. жана XX к. башында Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринин ортосундагы саясий, экономикалык, диний жана гуманитардык байланыштары тууралуу жазылган архивдик документтердин мазмуну:

| № | **Архивдик документтин мазмуну:** | **Архив** дик **номери:** | **Жылы:** | **Мамлекет:** | **Жайгашкан бети:** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Осмон мамлекетинин султанынын Кокон екумдарынын катына жазган жообу. (Элчи Мир Курбан). | № 36579 | 1820-ж. | Кокон | 142- бет |
| 2 | Кокон екумдары Мадали хандын Осмон мамлекетинин султанына женеткен катынын осмон тилиндеги котормосу. (Элчи Захид — хаже гилан). | №36565 | 1839-ж. | Кокон | 146 - бет |
| 3 | Кокон екумдары Кудаяр хандын Осмон мамлекетинин султанына жазган катынын осмон тилиндеги котормосу. | №2206 - 2 | 1847-ж. | Кокон | 157- бет |
| 4 | Бухара, Хива тараптан туркмен уруулары Россияга каршы Осмон мамлекетинин султанынан жардам сурап, Мухаммед Мурат аттуу адам аркылуу катын жиберишкен. Бирок каты архив документтеринин арасында кездешпейт. Баш вазирдин султанга жазган жазуусунан бул маселе тууралуу маалымат алынды. | №1627 | 1870-ж. | Хива, Бухара | 162 - бет |
| 5 | Андижан кетерулушунде Осмон мамлекетинин султанынын салымы | №179/128 | 1898-ж. | Кокон | 166 - бет |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | тууралуу маалыматты тегундеген документ. | | | | |
| 6 | Туркстан, Каспий жана Жетисуу областьтарынын аскер белуктеру бириктирилип, жалпысынан ага Туркстан генерал — губернаторлугу делип, аскер санын кебейтуу, эки чон армия тузуу маселесине байланышкан документ. | №178/56 | 1899-ж. | Орто Азия | 170-бег |
| 7 | Бек Кулу бектин Осмон мамлекетинин султанына Кашгар хандыгынын саясий абалын баяндаган катынын осмон гилиндеги котормосу. | №382 | 1879-ж. | Кашгар | 173-бег |
| 8 | Кокон хандыгына аскер кийим, курал — жарак Осмон мамлекеги зарабынан женетуу маселесине байланышкан документ. (Элчи Сейит Якуб мырза). | №13785 | 1868 —ж. | Кокон | 190 — без[1] |
| 9 | Кокондон элчи Стамбулга кат, белек — бечкек менен келген. Казза мезалл иппгетууччу адистерден женетулупгу суралган. Кудаяр хандын мезгилиндеги 2206 — номердеги архив документине толуктоо киргизуучу документ болуп саналат. | №2206 | 1848-ж. | Кокон | 196 — без[1] |
| 10 | Исардын акиминин Хижаз темир жолун курууга женеткен акчалай жардамы тууралуу документ. | №480/230 | 1899-ж. | Бухара | 201 — бет |
| 11 | Кокондук элчи Мир Курбандын Мекеге аттанышында кем — карчын толуктоо, бул тууралуу баш катчынын баш вазирликке жазган жазуусу, Жогорку Кенештин чечими жана Кокон ханынын сулганга жазган казынын осмон гилиндеги козормосу орун алган. | № 9114 | 1852-ж. | Кокон | 204-бет |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Хажы Мухаммед Расулдун Осмон мамлекетинин жараандыгын алууну каалаганын билдирген арызы. | 2/6 | | тан | 251-бет |
| 13 | Кокон хандыгына Осмон мамлекетинен Мухаммед пайшмбардын сакалынын бир талый кайрадан жиберуу боюнча чыккан буйрук; Кокон элчисинин кайрадан пайшмбардын сакалынан бир тал сурашы. | № 9757 | 1860-ж. | Кокон | 217-бет |
| 14 | Кокон хандыгынын элчисинин абалын баш вазирдин султанга билдирген жазуусу. | № 9757 | 1860-ж. | Кокон | 220-бет |
| 15 | Кокондук ажы Мейлибектин *«лихие— и саадет»* (Мухаммед пайшмбардын сакалынын бир талы) сурашы. | № 14831 | 1851-ж. | Кокон | 223-бет |
| 16 | Кашгар казысынын *«лихие—и саадет»* (Мухаммед пайшмбардын сакалынын бир талы) сурашы. | № 901 | 1895-ж. | Кашгар | 227-бет |
| 17 | Кокондук шайхулислам Хажы Лхметке Осмон мамлекетинин екумдарынын белегинин берилиши. | № 6928 | 1850-ж. | Кокон | 231-бет |
| 18 | Бухара акимине Осмон мамлекетинен женетуле турган диний китептердин тизмеси. | № 10/346 | 1820-ж. | Бухара | 241-бет |
| 19 | Осмон мамлекетинен арап арибине таяншн осмон тамгаларынын китеп басмасындагы турун бир канча бастырып, Орто Азияга жиберуу маселесине байланышкан документ. | №138/27 | 1906 — ж. | Орто Азия | 245-бет |
| 20 | Осмон мамлекетиндеги Орто Азиялык (Ферганалык) перс тили мугалиминин мамлекетине кайтуу учун суранган уруксатнаамасына байланышкан документ[1]. | №4/2 | 1849-ж. | Кокон | 248-бет |
| 21 | Дамасктык, бирок тубу Туркстандык | №61- | 1915 —ж. | Турке | |

# I Б АП. КИРИШСТ

**Теманын акту ал ду у лугу**

Орус жана советтик тарыхнаамада XIX —XX к. башталышындагы Орто Азия тарыхына жана андагы елкелерге карата жургузулген саясий мамилелерге бир жактуу баа берилип, айрым орчундуу маселелер изилдее объектисине алынбай келгени маалым. Мында айрыкча белгилей кетчу нерсе, Орто Азия аймагына карата жасалган тышкы саясат менен ал керунушту тушунуу учун жургузулген изилдеелер ортосундагы айырмачылык арбын. Эгер, биз белгилеген хронологиялык алкакта Орто Азия аймагы бир бугун тушунук катары тышкы саясат жана башка елкелердун экспансиялык аракет объектисине айланып келсе, тескерисинче, ага баа беруу максатын кездеген изилдеелер мындагы мамлекеттер чегинде жана эки тараптуу мамилелер тогошунда гана жасалып келет. Ошол эле убакта Орто Азия елкелерунде жургузулуп келген изилдеелер эки тараптуу мамилелерди чагылдырууга же Россия, Улуу Британия мамлекеттеринин саясатын иликтееге арналып, башка дипломатиялык субъекттердин ишмердуулугу коз жаздымда калып жатканы байкалат. Арийне, андай проблемалардын бири — Осмон империясынын Орто Азия аймагына карата жургузген дипломатиясы жана саясий аракети экендиги талашсыз. Осмон елкесунун бул багытта аскердик экспансия жасабагандыгы жана анын дипломатиясындагы мындай аракеттин байкалбагандыгы, Орто Азия элдери менен мындагы мамлекеттерге болгон мамилени жаныча тушунуп, азыркы талаптарга жараша баа беруу зарылчылыгын белгилейт. Орто Азия тарыхнаамасында Осмон империясынын мында жургузген саясаты, кездеген максаты дээрлик изилдее объектисине алынган эмес. Осмон елкесунун жана мындагы мамлекеттердин ез ара

мамилелерин аныктап, саясий максаттарына баа беруу тандап алынган теманын актуалдуулугун арттырат.

**Изилдеенун максаты**

Осмон мамлекети менен Орто Азиядагы елкелер ортосундагы саясий, дипломатиялык мамилелерди изилдее жацы тарыхый иликтее багыты экендиги шексиз. Биздин изилдеебузде Осмон империясынын Орто Азия багытында жургузген саясаты жана дипломатиялык аракеттери, ошол эле убакта мындагы елкелердун аларга жасаган мамилеси изилденет. Проблеманы ачыгына жеткируу жана кеп кырдуу алакаларды жетиштуу даражада ачып, аныктоо учун архивдик материалдарды тартуу максатын кездейт. Мындан улам, белгиленген максатка ылайык тема боюнча темендегудей конкреттуу милдеттер белгиленди:

- XIX —XX к. башындагы Осмон мамлекети менен Орто Азиядагы саясий кырдаалга баа беруу;
- Орто Азия хандыктары менен Осмон мамлекетинин дипломатиялык байланышынын башатын аныктоо;
- Эки тараптуу мамилелердин даража, денгээлин жана кездеген максатын баалоо;
- Архив документтерине анализ жасоо жана Осмон мамлекетинин тыш елкелерге болгон расмий жазышма тузулушун изилдее;
- XIX —XX к. башындагы Орто Азия хандыктары менен Осмон мамлекетинин байланыш интенсивдуулугун аныктоо;
- XIX —XX к. башталышындагы Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы саясий — экономикалык байланыштарга анализ жургузуу;
- XIX —XX к. башталышындагы Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы диний жана гуманитардык байланыштарга анализ

жургузуу;

• Архивдик материалдар негизинде Кыргызстан тарыхына байланыштуу маалыматтарды изилдее айлампасына алуу;

**Изилдее децгээли**

Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы байланыштарга тарыхчылар тарабынан жеткиликтуу кенул бурулбай келген. Айрым изилдеелер ар бир елкенун алкагында чектелген мунезде гана ишке ашкан. Айрыкча Орто Азиялык илимпоздор бул проблемага езгече маани берип, колго алыша элек. Ал эми Туркияда болсо бул маселеге байланыштуу изилдее жургузгендердун эн алдьщкыларына орток турк тарыхын изилдеген *Зеки Велиди Тоган*[1] ,

о

*Баймырза Хсшип жана Мехмет Сарайлар кирет. Зеки Велиди Тоган Туркияда жалпы Туркстан аймагынын тарыхын жазган тарыхчылардын эц маанилуусу болуп эсептелинет. Акын* «Bugünkü Türkili Türkistan ve Yakın Tarihi» (Ankara, 1981) аттуу эмгегинде Туркстан аймагынын географиялык, административдик тузулушу, XVI к. чейинки жана XVI к. кийинки Туркстан, Россия падышачылыгы мезгилиндеги Туркстан менен бирге Туркстандын маданият тарыхына токтолот. Тагыраак айтканда жалпысынан Туркстандын эн байыркы мезгилинен баштап 1920—ж. чейинки етмушун кучагына алат. Мындан улам Туркстан тарыхын изилдееде, айрыкча туркче илимий эмгектердин ичинде ээлеген орду ото чон. Эмгекте изилдее ишке байланышкан хандыктардын саясий абалы туурасында да

---

Зеки Велиди Тоган (1890—1970) тубу башкорстандык, Туркиядагы таанымал илимпоздор дон. Ал, 1913 —ж. Ферганада, 1914 —ж. Бухарада илимий изилдеелер жургузген. 1925 —ж. бапггап илимий изилдее иппгерин Туркияда, 1932 —ж. баштап Виянада уланткан. 1935—1938 —ж. Германиядагы университеттерде даре окуган. 1939 —ж. Стамбул университетинде Орток турк тарыхы кафедра сын ачып, 1970 —ж. чейин эмгектенген. Анын Туркстан тарыхына тиешелуу «Bugünkü Türkili Türkistan ve Yakın Tarihi», «Türk İli, Türkistan Tarihi», «Umumi Türk Tarihi» аттуу эмгектердин автору.

маалыматтар кездешет. 3. В. Тогандын экинчи маанилуу эмгеги «Türk İli, Türkistan Tarihi» (İstanbul, 1980) деп аталып, анда Туркстан тарыхы кен кесири баяндалып, изилдее ишибизге байланышкан маалыматтар анын ичинде бир белумду тузет.

Баймырза Хайиттин «Türkistan Devletlerinin Milli Mücadeleleri Tarihi» (Ankara, 1995) аттуу эмгеги Х1Х-ХХ к. башындагы Орто Азиядагы саясий окуялар, айрыкча орус падышачылыгынын Туркстанды басып алуу саясаты, ага каршы курештер жана кетерулуштерге арналган. Негизинен Орто Азиянын саясий тагдыры татаал болгон жылдар тууралуу маалымат берет.

Ал эми Баймырза Хайит (толук аты ал мезгилде Баймырза Махмудов Хайитович) (1917 — ...) тубу намангандык, ез мезгилинде жадит мектебинде билим алган. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Согуштан сои Германия да жашап калып, Туркстан калкынын саясий тарыхына байланышкан эмгектерди жазган. Анын «Türkistan Devletlerinin Milli Mücadeleleri Tarihi» жана «Türkistan, Rusya ile Çin Arasında» аталынггарында илимий эмгектери бар.

Мехмет Сарайдын «Rus İşgali Devrinde Osmanlı Devleti ile Türkistan Hanlıkları Arasındaki Siyasi Münasebetler (1775-1875)» (Ankara, 1994) аттуу эмгегинин атынан байкалгандай хронологиялык жактан 1775—1875 — жж. ез ичине камтыйт. Андагы изилдеебузге байланышкан жетимиш беш жылга таандык маалыматтар гана кездешет. Мындан сырткары жалпы Орто Азия мамлекеттеринин саясий абалынан маалымат берип, темабызга байланыштуу кээ бир архивдик документтерден кабар берет. Эмгектен Орто Азия мамлекеттеринин ичинен ал мезгилде Бухара эмирлиги саясий жактан алда канча жогору турганын байкоого болот. «Yeni Türk Cumhuriyetleri Tarihi» (İstanbul, 1996) аттуу эмгегинде болсо азыркы убактагы Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, -Узбекстан жана Туркменистан мамлекеттерин ез алдынча бирден бап катары алып, байыркы мезгилден бугунку кунге чейинки етмушун ото кыска турде устуртен маалымат берген эмгек. Маанилуу саясий окуяларга басым жасап, темабызга байланышкан доордон чакан маалыматтарды берет.

**Изилдеенун булактык негизи**

Илимий иште пайдаланылган дипломатиялык каттардын дээрлик бардыгы Стамбул шаарында жайгашкан Осмон мамлекетинин екметтук архивинде орун алган. Алардын бир нускасы 2004 —ж. 4 — 6 октябрда Кыргыз —Турк «Манас» университети уюштурган «Турк цивилизациясынын дуйнелук цивилизациялар ичиндеги орду» аттуу II эл аралык турк цивилизациясы конгрессинде Стамбулдагы мамлекеттик архивдин жетекчилиги тарабынан кергезмеге сунулган. Мында негизинен Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринин ортосундагы дипломатиялык байланышты маалымдаган, хронологиялык жактан XVI —XX к. башталышына таандык архив документтери орун алган. Ал эми бир белугу 2004 — ж. транскрипциясы менен бирге «Архивдик документтерде Осмон мамлекети менен Туркстан

o

байланыштары» аттуу китепте басылып чыккан . Орто Азия мамлекеттери менен Осмон мамлекетинин дипломатиялык байланышына тиешелуу архив документтери мазмундарына жараша жогоруда аты аталган мамлекеттин (Осмон мамлекети тууралуу сез болуп жатат) ар кайсы мекемесинен чыккан чечимдер болуп саналат. Мындан сырткары Осмон мамлекетинин султандарынын жана Орто Азия мамлекеттеринин хандарынын расмий каттары да орун алган.

Изилдееде жыйырма бир архивдик документке анализ жасалып, алар мазмунуна жараша саясий — экономикалык жана диний, гуманитардык сыяктуу белумдерге белунду. Саясий байланышты камтыган архив документтериндеги маселени Осмон мамлекетинин Тышкы иштер министрлиги *(Dış İşleri Bakanlığı)*, Улуу мажилис *(Biiyiik Millet Meclisi)* карап келсе, экономикага байланышкан маселелерди Финансы министрлиги *(Maliye Bakanlığı)* менен Ички жана Тышкы иштер министрликтери *(Dış ve İç İşleri Bakanlıkları)* караганы байкалат.

Изилдее ишке байланышкан архивдик документтер Осмон мамлекетинин султандарына тиешелуу жазуулар жайгашкан *Хатт—ы хумайун (Hatt-ı Hümayun)*

атындагы белумде, Осмон мамлекетинин султандарынын башка мамлекеттин екумдарларына жазган каттар сакталган *Наме—и хумайун (Name-i Hümayun)* аттуу белумде, XIX к. курулган *Йылдыз* архивинде жана Тышкы иштер министрлигинин чечимдери жайгашкан белумде сакталган.

3 .

**Belgelerle Osmanlı-Türkistan İlişkileri.** (XVI-XX. Yüzyıllar). T.C. Başbakanlık Devlet Arşivleri Genel Müdürlüğü. Ankara, 2004.

Архив документтердин ичинде бир гана хандар менен султандардын расмий кат алышуусу гана кездешпестен, ошол мезгилдердеги саясий окуяларга байланыштуу чыккан ар кандай чечимдер менен кабарлар да орун алган. Изилдееде архивдик документтерден тышкары ошол мезгилде жазылган тарыхый

4

эмгектердеги жана турк, орус, кыргыз тилдеринде жарык керген илимий эмгектердеги тарыхый маалыматтар салыштырылып анализденди. [2]

---

[2] Вамбери А. **Очерки Средней Азии.** (Дополнение к путешествию по Средней Азии). М., 1868; Вамбери А. **Путешествие по Средней Азии.** (Из Тегерана через туркменскую пустыню по восточному берегу Каспийского моря в Хиву, Бухару и Самарканд, предпринятое в 1863 году с научную целью по поручению Венгерской Академии в Пепгге членом ея А. Вамбери). М., 1868; *Извлечения из «Мунтахаб ат— таварих» (Узбекская версия). //* Материалы по истории Средней и Центральной Азии X —XIX вв. Ташкент, 1988. АН Уз. ССР. -с. 295-310; Мухаммад Хаким —хан. *«.Мунтахаб ат—таварих». II* Материалы по истории Средней и Центральной Азии X-X1X вв. Ташкент, 1988. АН Уз. ССР. -с. 276-294; Мухаммед Юсуф Мунши. *Мукин Ханская история.* Перевод предисловие примечание А. Семенова. // Материалы по истории Средней и Центральной Азии X — XIX вв. Ташкент, 1988; Первышев И. *Рисалэ—и Якуби. (Воспоминания о Якуб—беке кашгарском Камиль—хана—ишана). //* Историк марксист, М., 1940, с. 127— 135; Mehmed ATIF: **Tarih-i Kaşgar.** Yay. Haz. İsmail Aka, Vehbi Günay, Cavit Telci. (Kırıkkale, 1998); Adil Hikmet Bey: **Asya'da Beş Türk,** (İstanbul, 1997); Mehmed Emin BUĞRA: **Şarkı Türkestan Tarihi,** Yay. Haz. Yakup Buğra, (Ankara, 1998); Mehmet Emin BUĞRA: **Doğu Türkistan Tarihi,** Kabil, 1940; Mehmet Emin Efendi: **İstanbul'dan Orta Asya'ya Seyahat,** (Ankara, 2000); E. SCHUYLER: **Türkistan Seyahatnamesi.** (İstanbul, 2003).

©з мезгилинде жазылган тарыхый эмгектердеги (саякатнаамалар, рапорттор) маалыматтар менен архивдик материалдардагы маалыматтарды салыштырып, ошол мезгилдеги саясий, экономикалык жана социалдык абалды анализдеген соц, аны илимий эмгектердеги маалыматтар менен толуктоого аракет жасалды.

**Илимге киргизген жацылыгы**

Орто Азия тарыхын езунче алып изилдее, ошондой эле анын башка мамлекеттер менен болгон мамилесин тактап керсетуу тарых илиминде татаал да, аз иликтенген да проблемалардан. Тандап алынган теманын мындай езгечелугуне жараша теменкудей жаны кез караштар сунуш кылынды:

• Биринчи жолу Орто Азиядагы елкелер менен Осмон мамлекетинин саясий — дипломатиялык мамилелери комплекстуу изилдееге алынды;

• Осмон мамлекетинин Орто Азия елкелеру менен дипломатиялык байланыштарын ачыш учун Осмон елкесунун архивдик материалдары илим айлампасына алынды;

• XIX к. Осмон мамлекетинин саясий абалы тууралуу кен кесири маалымат берилди;

• Орто Азиядагы Англия, Россия жана Кытай мамлекеттеринин саясаты эске алынып, Осмон мамлекетинин мындагы саясатынын мунезуне, кездеген максатына баа берилди;

• Осмон мамлекетиндеги документтердин мунезу, чечим чыгарчу мекемелердин статусу керсетулуп, дипломатиялык каттардын маани, мазмуну иликтенди;

• XIX к. 70 —ж. Чыгыш Туркстандагы саясий окуяларга кыргыздардын катышы тууралуу жацы маалыматтар алынды;

• Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринин ортосундагы дипломатиялык байланыштан кабар берген архивдик документтер иликтелип, алардын натыйжасында жалпы XIX —XX к. башталышында жогоруда аты аталган мамлекеттердин ез ара байланыштарынын себептери таамай белгиленди;

**Изилдеенун географиялык алкагы жана хронологиялык чеги**

Изилдеенун географиялык алкагы Осмон империясы жана Орто Азиядагы хандыктар орун алган аймакты кучагына алат. Орто Азия термини кийинчерээк колдонула баштагандыктан, изилдееде ага чейинки Туркстан аталышындагы аймакта екум суруп келген хандыктардын локализациясы изилдеенун негизги географиялык челкемун тузду. Мында эн башта Бухара эмирлигинен баштап, Хива, Кокон, атутул, Чыгыш Туркстандагы дагы кийинчерээк туптелген Кашгар хандыгынын ээлеген аймагы да кирип кетет.

Тандалган теманын хронологиялык алкагы Осмон империясы менен Орто Азия хандыктары ортосундагы саясий, дипломатиялык алаканын башталышы жана енутуш этаптарына ылайык XIX к. толугу менен XX к. башталыш мезгилин кучагына алат. Негизинен Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы дипломатиялык байланыш XVI к. башталганына карабастан, изилдееде Орто Азия учун тарыхый татаал доор болгон жана терт мамлекеттин да екум суруп турган мезгилдери — XIX жана XX к. башталышын тандап алдык.

**Изилдеенун методологиялык негизи**

Изилдеенун методологиялык негизи катары булактык материалдарды талдоо жана тарыхый — салыштырма ыкмасы колдонулду. Архивдик документтердеги тарыхый фактылар алгач ез мезгилинде жазылган тарыхый эмгектердеги, андан соц илимий эмгектердеги маалыматтар менен салыштырылып изилденди. Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы мамилелер жана алардын натыйжалары ошол мезгилдеги болгон саясий окуялар менен байланыштырылды.

Архивдик документтердин ичинен алгач XIX жана XX к. башына таандык, Туркстан хандыктарына тиешелуу болгондордун тизмеси алынды. Андан сон аларды ар бир хандыкка тиешелуулерду езунче белуп чыгууга туура келди. Ар бир хандыктын Осмон мамлекети менен дипломатиялык алакасында саясий, экономикалык, диний жана гуманитардык байланыштар болгону документтердин мазмунунан байкалган сон, изилдееде жалпысынан хандыктардын Осмон мамлекети менен жогоруда аты аталган багыттагы байланыштары боюнча белумдерге белууге туура келди. Анткени, ар бир хандыкты ез алдынча изилдееде белум катары кабыл алганда, Туркстан хандыктарынын саясий — экономикалык, диний жана гуманитардык абалын жалпы коз алдыбызга элестетуу татаалга турмак. Архивдик документтердеги чыгарылган чечимдер да Осмон мамлекетинин ар кайсы мекемесинен чыккандыктан изилдеену белумдерге ажыратууда документтин мазмуну негизги орунда турду.

Архивдик документтердеги тарыхый фактыларды тизмелеген сон, алардагы маселени ез мезгилинде жазылган тарыхый эмгектерден таап, бир натыйжа чыгаруудан мурун кийинки жазылган илимий эмгектердеги маалыматтар менен салыштырып, толуктоо аркылуу жацы илимий жыйынтыктар алынды. Мындан улам негизги булактык материалды тузген «Башбаканлык Османлы Аршиви» деп аталган Осмон мамлекетинин екметтук архивиндеги документтер Орто Азия хандыктарынын тарыхына толуктоолор киргизээри шексиз.

Изилдееде колдонулган архивдик документтер маселеге жараша ар кайсы мекемелерде каралып, чечим чыкканын бута чейин белгилеп еттук эле. Ал мекемелерге «*Хатт—ы хумайун*» деп аталган екумдардын буйругу, «*Наме—и хумайун*» деп аталган екумдардын расмий каты, Тышкы иштер министрлигинин чечими, Мажилистен алынган чечим, *Йылдыз* архивинен алынган чечим, *Йылдыз* баш вазирлигинен алынган чечим (XIX к. курултаи Йылдыз аттуу архив ал доордун тарыхын изилдееде езгече орунду ээлеп келет), фонддордун (вакыф) чечимдери

(Осмон мамлекетинин тарыхында вакыфтардын ролу чон болуп, атугул, алар да кейгейлуу мамлекеттик маселелерди чече алган), Тышкы саясий маселелер боюнча чечим, Ички иштер министрлигинин чечимдери мисал боло алат.

Орто Азия хандыктары менен Осмон мамлекетинин ортосундагы дипломатиялык мамилелерге байланышкан архивдик документтердеги маселелер жогоруда баяндалгандай саясий, экономикалык, диний жана гуманитар дык алакаларга арналган. Алардын мазмунуна кыскача токтоло кетсек: Осмон мамлекетинин султанынын Кокон екумдарынын катына жазган жообу (1820 —ж.), Кокон екумдары Мадали хандын Осмон мамлекетинин султанына женеткен катынын осмон тилиндеги котормосу (1839 —ж.), Кокон екумдары Кудаяр хандын Осмон мамлекетинин султанына жазган катынын осмон тилиндеги котормосу (1847 —ж.), Бухара, Хива тараптан туркмен уруулары Россияга карты
Осмон мамлекетинин султанынан жардам сурап, кат жибергенин баяндаган баш вазирдин султанга жазган жазуусу (1870—ж.), Андижан кетерулушунде Осмон мамлекетинин султанынын салымы тууралуу маалыматты тегун деген Осмон мамлекетинин Тышкы иштер министрлигинин жазуусу (1898 —ж.), Туркстан, Каспий жана Жетисуу областтарынын аскер белуктеру бириктирилип, жалпысынан ага Туркстан генерал — губернаторлугу делип, аскер санын кебейтуу, эки чон армия тузуу маселесине байланышкан документ (1899 —ж.), Бей Кулу бектин Осмон мамлекетинин султанына Кашгар хандыгынын саясий абалын баяндаган катынын осмон тилиндеги котормосу (1879 — ж.), Кокон хандыгына аскер кийим, курал — жарак женетуу маселесине байланышкан документ (1868—ж.), Кокондук элчинин Стамбулга кат, белек —бечкек менен келиши жана Осмон мамлекетинин султанынан металл иштетуучу адистерден женетуусун суранышы (1848—ж.), Исардын акиминин Хижаз темир жолун куруугa женеткен акчалай жардамы тууралуу документ (1899 —ж.), Кокондук элчи Мир Курбандын Мекеге аттанышында кем —карчын толуктоо маселеси боюнча Осмон мамлекетинин баш катчысынын баш вазирликке жазган жазуусу, бул маселе тууралуу Осмон

мамлекетинин мажилисинин чечими жана Кокон ханынын Осмон мамлекетинин султанына жазган катынын осмон тилиндеги котормосу (1852 —ж.), Мекеге аттанып жаткан Хива хандыгынын элчиси Кутбеддинге Осмон мамлекетинин султанынын акчалай жардам бериши тууралуу документ (1841 —ж.), Осмон мамлекетинен Кокон хандыгына Мухаммед пайгамбардын сакалынын бир талын кайрадан жиберуу боюнча чыккан буйрук; Кокон элчисинин кайрадан пайгамбардын сакалынан бир тал сурашы (1860—ж.), Кокондук ажы Мейлибектин Осмон мамлекетинен «лихие—и *саадет» (Мухаммед пайгамбардын сакалынын бир талы)* сурашы (1851—ж.), Кашгар казысынын Осмон мамлекетинен *Мухаммед пайгамбардын сакалынан бир тал* сурашы (1895 —ж.), Кокондук шайхулислам Хажы
Ахмет аттуу адамга екумдардын белегинин (Осмон мамлекетинин султанынын акчалай белегине «екумдардын белеги» деп аталган) берилиши (1850 —ж.), Осмон мамлекетинен Бухара эмирине женетуле турган диний китептердин тизмеси (1820 —ж.), Осмон мамлекетинен арап арибине таянган осмон тамгаларынын китеп басмасындагы турун бир канча бастырып, Орто Азияга жиберуу маселеси боюнча чыккан чечим (1906—ж.), Орто Азиялык (Ферганалык) перс тили мугалиминин мамлекетине кайтуу учун суранган уруксатнаамасынын кечурмесу (1849 —ж.), Дамасктык, бирок тубу Туркстандык Хажы Мухаммед Расул аттуу адамдын Осмон мамлекетинин жараандыгын алууну каалаганын билдирген арызы (1915 —ж.) ж. б. мазмундарда кездешет.

Изилдееде XIX жана XX к. башында Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын дипломатиялык байланышында кайсы екумдарлардын мезгилинде байланыштын болгону архив дик документтердин датасына каралып такталды. Алар боюнча Осмон мамлекетинде Абдулмежид I (1839—1861), Абдулазиз хан (1861 — 1876), Абдулхамид II (1876 — 1909) мезгилдеринде, Бухара эмирлигинде Хайдар (1800-1826), Музаффер ад —Дин (1860 — 1885), Абдулахад (1885—1911), Кокон хандыгында Алим хан (1798 —

1810), Омор хан (1810—1822), Мухаммед Али хан (1822—1842), Кудаяр хандын мезгилдери (1844 — 1858), (1865—1875), Хива хандыгында Мухаммед Рахим Кули —хан I (1842—1846), Мухаммед Рахим—хан II Бахадур (1845—1864), ал эми Кашгар хандыгында болсо Якуб бек менен анын уулу Бек Кулу бек мезгилдеринде дипломатиялык байланыштын болгону маалым болду.

**Изилдеенун илимий-практикалык мааниси**

Изилдее проблемасына тартылган жаны архивдик материалдар, саясий мазмундагы меморандум жана корреспонденциялар — Орто Азия калктарынын XIX —XX к. башындагы тарыхы менен эмгектенген илимпоздорго кемек керсетееру бышык.

Изилдее айлампасына алынган жацы жазма булак материалдары Орто Азия калктарынын жана анын ичинде кыргыздардын тарыхын изилдеген илимпоздордун иликтеелеруне, окуу куралдарын жазууга, атайын курс программаларын даярдоого жардамчы материал катары пайдаланылышы мумкун.

**Диссертациянын тузулушу**

Диссертация — кириш сез, корутунду менен бирге алты бап, пайдаланылган адабияттардын тизмеси жана тиркемеден турат. Тиркемеде — дипломатиялык каттар, алардын транскрипциясы, которулушу, карталар жана терминологиялык сездук берилген.

Биринчи бап киришууге арналды. Анда жогоруда баяндалып еткендей теманын актуалдуулугу, максаты, милдеттери, тарыхый булактары, изилдее методологиясы, илимий — практикалык мааниси, теманын географиялык алкагы, хронологиялык чети жана илимге киргизген жаныгы тууралуу маалыматтар орун алды.

Экинчи бапта XIX жана XX к. башталышындагы Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринин саясий абалы тууралуу маалымат берилди. Анда XIX к. Осмон мамлекети тышкы мамлекеттердин кол салуусунун натыйжасында аймактык жактан чон жоготууларга учураган. Мындан сырткары мамлекеттеги азчылыкты тузген калктардын которулушу биринин артынан бири болуп турган. Аларга сербдердин кетерулушу (1804—ж.), орус—турк согуштары (1806— 1812), (1828— 1829), (1877 — 1878), Египет акими Кавалалы Мехмет Али пашанын кетерулушу, Крым согушу (1853 —1856—ж.) сыяктуу окуялар Осмон мамлекетин ете жудеткен. Бул мезгилде Европа жана Россияда Осмон мамлекети «оорукчан адам» деп сыпатталган. XIX к. аягында жети жуз жылдай дуцгуроп турган Осмон империясы Африка, Азия жана Европага чейинки локализацияны кучагына алган жерлерин жоготуп, XX к. башында Туркия Республикасынын аймагы менен чектелип калган. Азыркы мезгилдеги Ирак, Сирия, Палестина, Иордания, Эфиопия, Египет, Ливия, Тунус, Алжир, Ереция, Албания, Болгария, Югославия, Венгрия, Румыния, Украина, Крым, Кавказ жана Азербайжан ез мезгилинде Осмон мамлекетине карап турган. Ал эми Орто Азия хандыктары болсо орус падышачылыгынын баскынчыл саясатына туш келип, натыйжада толугу менен Россияга саясий жактан баш ийгени тууралуу маалыматтар орун алган.

Учунчу бапта изилдеенун негизги булактык материалы болгон архивдик документтерден Осмон мамлекетинин тыш мамлекеттерге болгон расмий жазышма тузулушу тууралуу кен кесири маалымат берилди. Анткени, Осмон мамлекетинде архив эзелтен болуп келгени жана XIX к. *«Хазине—и эврак»* (документтер сакталчу казына, жай) деп аталган чон архивинин курулганын байкоого болот. Мындан улам аты аталган мамлекеттин архив документтеринин басымдуу белугу бугунку кунге чейин жеткен. Ал мезгилде Осмон мамлекетине кыркка жакын мамлекет баш ийип, алардын тарыхына тиешелуу маалыматтар да ошол архивде орун алган. Мындан сырткары архивде Орто Азия хандыктары менен Осмон мамлекетинин дипломатиялык байланыштары тууралуу маалымат берген документтер да аз эмес экени байкалат.

Документтин датасын коюуда хижра жылы, арап ай аттары колдонулуп келген. Ай аталыштарынын (мухаррем, сафер, ребиулеввел, ребиулахир, режеп, шабан, рамазан, шеввал, зилкаде, зилхижже) баш мууну гана жазылып, атугул, айлардын кайсы кунунде документтин жазылганы да так керсетулген.

Архивдик документтердин жазуу стили осмон тилинде (Осмон мамлекетинин тили), арап арибинде болгон. Анда арап, перс тилинен кеп сездер осмон тилине оошуп келген да расмий жазууларда жыш колдонулуп, экиленткен тур до берилген. Мындан улам осмон тилинин жазуусу азыркы турк тилинин жазуусунан ото эле айырмаланып турганын байкоого болот.

Тертунчу бапта архивдик документтердин мазмунуна жараша Орто Азия мамлекеттеринин Осмон мамлекети менен саясий — экономикалык байланышы тууралуу маалыматтар орун алды. XIX к. жана XX к. башында Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринин ортосундагы саясий — экономикалык байланышта Бухара эмирлиги, Кокон, Хива жана Кашгар хандыктары Осмон мамлекетин халифа катары кабыл алып, колдоо издее аркылуу ислам дуйнесунен ез ордуларын алууга аракет кылышкан. XIX к. экинчи жарымынан XX к. башына чейин Осмон мамлекети Россияга карты Орто Азия мамлекеттерине, калкына жар дам берууге канчалык ынтызар болгон кунде да анын ошол мезгилдеги ички, тышкы абалы жана географиялык жактан алыстыгы тоскоол болгон.

Бешинчи бапта болсо Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринин ортосундагы диний жана гуманитардык байланыш тууралуу сез болду. XIX к. жана XX к. башында жогоруда аты аталган мамлекеттердин ортосундагы диний жана гуманитардык байланыштарда султандын халиф катары кабыл алынышынан улам диний байланыш бекем болгонун керууге болот. Буга хандардын «ыйык аманаттардан» (Мухаммед пайгамбарга тиешелуу ездук буюмдар) алып туруулары, Мекеге баруучу Орто Азиялык болонок ажылардын Стамбул аркылуу етушу, Осмон

мамлекетинен хандыктардын ислам динине байланышкан китептерди алдырып турушу кубе. Гуманитардык байланышта болсо Орто Азиядан перс тилин уйретуу учун адистердин Осмон мамлекетинде эмгектениши, сабатсыздыкты жоюу учун осмон ариптеринин китеп басмасынын Орто Азияга женетулушу кенулду бурат.

Эн акыркы алтынчы бапта корутунду жайгашып, анда изилдееден алынган натыйжалар жазылды. XIX к. экинчи жарымы Орто Азия мамлекеттери учун тарыхый жактан татаал мезгил болгон. Анткени, ал мезгилде орус падышачылыгы Орто Азияны басып алган. Так ушул мезгилде Орто Азия мамлекеттери Осмон мамлекетинен жардам сурап кайрылышканы маалым. Бирок, Осмон мамлекети чек арасын душмандардан коргоо, елкену кулоодон сактап калуу аракеттеринен улам аларга жетишинче жардам корсете алган эмес. Атугул, географиялык жактан алыста жайгашкандыгы да тоскоол болгон. Буга козу жеткен Орто Азия мамлекеттеринин екумдарлары Осмон мамлекетинин султанынан курал —жарак, аскер инструкторлорун, аскер кийимдерин гана сурап кайрылып турушкан. Мындан сырткары Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы белек — бечкек беруу менен элчиликтердин келип турушу уланып, бара бара достук бекемделген. Орто Азия хандыктары Осмон мамлекетин ислам дуйнесунун мураскору катары керген.

Пайдаланылган адабияттардын тизмесинде архивдик документтер езунче орун алып, калган тарыхый кол жазмалар, рапорттор, саякатнаамалар жана туркче, кыргызча, орусча жазылган илимий эмгектердин тизмеси берилди.

Тиркемеде эн алгач терминологиялык сездук берилди. Анткени, теманын негизги булагын тузген архивдик документтерди анализдееде кездешкен терминдерди кыргызчалап тизмесин тузуп бергенге аракет жасалды. Андан сон дипломатиялык каттардын копиясы, транскрипциясы, кыргызча которулушу орун алды. Эн аягында изилдееге байланышкан карталар, статистикалык эсептеелердун копиясы жана суреттер жайгаштырылды.

## II. БАЛ. X1X-XX К. БАШЫНДАГЫ ОСМОН МАМАЕКЕТИ МЕНЕН ОРТО АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИНДЕГИ САЯСИЙ АБАЛ

XIX к. жана XX к. башындагы Орто Азия мамлекеттери менен Осмон мамлекетинин дипломатиялык байланышын изилдееден мурун алардын ошол мезгилдеги саясий абалына кез жугуртпей коюу мумкун эмес. Дипломатиялык каттарды талдоодо каттар жазылган мезгилдеги мамлекеттердин (Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттери тууралуу сез болуп жатат) саясий, экономикалык жана социалдык абалынан кабардар болуу зарыл. Ошондуктан алгач Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринин саясий абалына токтолууну туура кердук.

### 1. ) XIX к. жана XX к. башындагы Осмон мамлекетнннн саясий абалы

XIX к. Осмон мамлекети оор жоготууларга учураган. Сербдердин кетерулушу (1804 —ж.), орус—турк согуштары (1806 — 1812), (1828 — 1829), (1877 — 1878), Египет акими Кавалалы Мехмет Али пашанын кетерулушу, Крым согушу (1853 —1856— ж.) сыяктуу окуялар Осмон мамлекетин ото жудеткен. Бул мезгилде Европа жана Россияда Осмон мамлекети «оорукчан адам» деп сыпатталган. Ал кезде мамлекеттин босогосунда Россия, Австрия жана Франция турган[3]. Ички жана тышкы

---

AFET: *Türk-Osmanlı Tarihinin Karakteristik Noktalarına Bir Bakış.* **Belleten.** C. II. S. 5. II Kanun-Nisan 1938. TTK, (1994). s. 129, 131.

факторлордун таасиринен улам кулап бараткан мамлекетти сактап калуу учун елкеде бир нече реформалар (*Танзимат, Ыслахат, I, II Мешрутийет)* жургузулген.

Изилдеечу А. Д. Новичевдун ою боюнча XIX к. 30—ж. Тур кия экономикалык жана саясий кризиске дуушарланып, сепаратисттик кыймылдар кучеген [4]. Мамлекеттин акчасы (куруш) девалъвацияга учураган. Осмон мамлекетине караган елкелер абалдан пайдаланып ез алдынчалыгын жарыялай баштаган.

XIX к. башында француз революциясынын таасири, аймактагы согуш аракеттери жана *йеничери* [5] аскерлеринин терс мамилесинен улам сербдердин кетерулушу (1804 —ж.) келип чыккан. Андан сон 1806 — 1812 — ж. орус — турк согушунун башталышына Россиянын Румынияны (Эфлак —Богданды) ээлеши себеп болгон. Согуштун натыйжасында Бухарест келишимине кол коюлуп, эки елкенун чек арасы Дунай суусу аркылуу еткен. Россия Бессарабиядан башка ээлеп алган аймактарын кайтарып бере турган болуп, Осмон елкесунде сербдердин укугун таануу талабын койгон.

1828—1829 —ж. орус —турк согушунда Россиянын негизги максаты дениздерге ээлик кылуу болгон. Ал кезде Осмон мамлекети *йеничери* аскердик тузулушу кулап (1826 —ж.), гректердин кетерулушунен алсырап согушка даярдыксыз болгон. Натыйжада Эдирне тынчтык келишимине кол коюлуп, Россиянын соода кемелери

[4] Новичев А. Д. Борьба между реформаторами и консерваторами в период Танзимата (1839—1853. // Тюркологический сборник. 1973. с. 82.

[5] Йеничери — Осмон мамлекетинде аскердик тузулуш. «Чер» сезу байыркы сездердун катарына кирип, йеничер да «жаны аскер» маанисин берет.

порттордон етуу мумкунчулугун алып, Прут суусу эки елкенун ортосундагы чек ара болушу каралган.

Гректердин кетерулушунун чыгышына француз революциясынын таасири менен Россия жана Европа мамлекеттеринин Осмон мамлекетине карты агенттик иштерди жургузуусу себеп болгон. Кетерулушту басууда Махмут II Египеттин акими Мехмет Али пашадан жар дам алып, ага жооп катары Мора, Крит аралдарын убада кылган, бирок сезунде турбагандыктан жаны кетерулуш башталган. Мамлекет арка аркага болгон орус —турк согушунан алсыздаган сон, Мехмет Али паша менен екумдар келишимге барууну туура керген. 1833 —ж. 14 — майда Кутахйа келишимине кол коюлуп, Египеттин акимине Сирия аймагын беруу каралган. Изилдеечу Н. А. Дулинанын берген маалыматы боюнча султан менен Мухаммед Алинин ортосундагы келишпестик Осмон мамлекетинин Европа менен дипломатиялык байланыш тузуусуно себепчи болгон[6].

Саясий толкундоолорго карабастан Махмуд II (1808—1839) мамлекет угун кептеген иш —чараларды жургузген. Ал 1826—ж. *йеничерилердин* ордуна Европа стандартындагы аскердик системаны киргизген. 1836 —ж. анын мезгилинде Тышкы иштер министрлиги ачылган. 1831—ж. «Таквим —и Векаи» аттуу алгачкы расмий гезит чыккан. Билим берууге маани берилип, 1834—ж. аскердик, медициналык окуу жайлар ачылып, ага Орто Азия хандыктарынан адистер жана окуучулар алынгандыгы архив документтеринде маалымдалат.

4

Дулина Н. А. *Изменения в Османской дипломатии (30—е годы XIX в.).* // Тюркологический сборник, 1973. М., 1975. с. 63.

Абдулмежид мезгилинде (1839—1861) Лондон конференциясы (15 —июль 1840 —ж.) болуп, ага Англия, Австрия, Пруссия, Россия жана Осмон мамлекети катышкан. Мында Египет маселеси каралып, бийлик монархиялык мунезде болуп, укуктук жактан Осмон мамлекетине багымдуу болоору каралган. Египеттен алынган салыктардын терттен бири Стамбулга женетулуп, Сирия, Адана, Крит Осмон мамлекетине кайтарылып бериле турган болгон. Натыйжада Египет ички иштеринде эркин, тышкы иштеринде Осмон мамлекетине баш ийген. Экинчи Лондон конференциясында (1841 — ж.) дениздер эл аралык маселеге айланган. Мында Россия дениздерге ээлигин жоготуп, тескерисинче анда Франция менен Англиянын ээлиги кебейген.

Султан Абдулмежид (1839—1861) мезгилиндеги эн маанилуу окуя *Танзимат ферманы'* болгон. Ал, 1839 —ж. 3 —ноябрда кабыл алынып, мамлекеттин саясатын демократиялык принциптердин негизинде жургузуу учун айрым кадамдар жасалган. Алсак, азчылыкты тузген калктарга, алардын мал —мулкуне кол тийбестик; салык системасы кайрадан каралып, ар кимдин кирешесине жараша салыктын алынышы; аскердик системада *«ожак»* кызматынын «мекен» кызматына алмашуусу; мыйзамдын аткарылышын камсыздоо сыяктуу беренелер кабыл алынып, султандын укугу чектеле баштаган. Танзимат [7] ферманынын конституцияга етушу, демократия жана вестернизацияга жол алуу болгон.

А. Д. Новичев ез эмгегинде французча «La Presse» гезитиндеги маалыматтан шилтеме берип, анда *«Гулхане хатт—ы шерифти»* негизги конституция деп

---

[7] Танзимат—«ондоо», «системага салуу» деген маанини берип, Танзимат ферманы — жалпысынан реформа болуп саналат. Абдулмежид мезгилинде 1839—ж. 3 —ноябрда Гулханеде окулган, Решит Паша тарабынан жарыяланган екумдардын буйругу. Мунун тарыхта *Танзимат, Гулхане хатт—ы хумайун, Танзимат—ы хайриййе жана Хатт—ы шериф* сыяктуу бир канча аталыштары бар. Анын жарыяланышында башка елкелердун элчилерине кабар берилген. Ферман адам укугу, мамлекеттер арасы байланынгтарды ез ичине камтыйт. Султан *Хатт—ы шериф* окулган сон аны сарайдагы пайгамбардын чапанынын жанына емур бою сакталуусу учун койдурган.

аташканын, экинчи бир француз гезитинде адам укугуна жана адилеттуулукке байланышкан декларация деп кабыл алганын, ал эми «The Times» аттуу англис гезити муну менен султан езунун мамлекетин кайрадан туптеду деп бергенин» баяндайт[8]. Европа елкелеру реформа тууралуу позитивдуу коз карашын билдируу менен анын ездеру учун пайда алып келээрин алдын ала сезишкен.

XIX к. биринчи жарымында Европадагы экономикалык, саясий жана аскердик жактан енугуулер Осмон мамлекетине таасир этпей койгон жок. Мамлекеттин бугундугун сактап калуу учун чечкиндуу чараларды керуу керек болгон. Бул максатта узак жылдар бою Европада жашаган Париж, Лондон шаарларында элчилик кызматты аркалап келген Мустафа Решид паша 1837 —ж. мамлекеттин Тышкы иштер министри болуп дайындалган. Танзиматка Европанын таасир тийгизгенин Н. А. Дулина ез эмгегинде баса белгилеген[9]. Ансыз деле реформанын текстин даярдаган Мустафа Решид паша Европада жылдар бою мамлекеттик кызматта иштеген. Ал *Хатт—ы шерифтин* шарттарын ишке ашырууда султанды кендурген.

Мустафа Решид паша реформадан улам Осмон мамлекети батыш элдеринин симпатиясына ээ болот жана ишенимине кирет деп
о
ойлогон . А бирок мамлекеттин ичинде реформага кандай мамиле (жооп) болоорун сезе алган эмес. Мындан улам консерваторлор, айрыкча радикал динчилер мусулман менен мусулман эместерди (гайримуслим) теңеп жатышат деп, реформаны исламдын догмаларына каршы келген кыймыл катары кабыл алышкан. Атугул, Решид пашаны каапырларга сатылып кетти дешкен. А. Д. Новичевдин берген маалыматы боюнча куреш Мустафа Решид паша менен баш вазир Хусрев пашанын

---

[8] Новичев А. Д. *Гюлханейский хатт—ы шериф 1839 г. и его внешнеполитический аспект. //* Тюркологический сборник 1972. М., 1973, с. 385, 386.

[9] Дулина Н. А. *Изменения в Османской дипломатии (30—е годы XIX в.). //* Тюркологический сборник. 1973. М., 1975. с. 81.

ортосунда болгон. Натыйжада Решид паша Хусрев пашаны отставкага кетируу учун султанды (1840 —ж.) кендурген [10] [11]. Консерваторлор елкенун финансылык темендеесун Решид пашадан керушкен. Натыйжада консервативдик екметтун саясаты Туркиянын ички абалынын начардашына туртку болгон.

1852 —ж. баштап Россияда Осмон мамлекетине каршы согуш даярдыгы башталган. Буга Австрия, Пруссия каршы чыга албай Крым согушунун чыгышына Россиянын дениздерге коз артуусу себеп болгон. Англия колонияга айланган жерлеринде соода жолдорун контролго алуу, Франция Жер Ортолук дениздеги экономикалык кирешелеринен улам согушка кире алган эмес.

XIX к. Осмон мамлекети учун эн чон душмандардын бири Россия эле. Россиянын негизги максаты дениздерге ээлик кылуу, Осмон мамлекетинин аймактарын Европа мамлекеттери менен белушуу же автономиялуу елкелерду куруп, аларды кеземелге алуу эле. Россия пландары ишке ашпашына козу жеткен соц, христиандардын кызыкчылыгын колдогон. Россиянын Жер Ортолук децизден Индияга кетуучу жолго бегет болушун Англия да каалаган эмес. Россиянын Жер Ортолук денизге чейин келиши Франциянын ал аймактардагы соодасына зыян келтирмек. Мындан улам 1854 —ж. о рус — тур к согушунда Европа елкелеру Осмон мамлекетин колдогон.

Осмон мамлекетине Европа мамлекеттери биринчи жолу чын кенулден колдоосун Крым согушунда (1853—1856) керсеткен. Ошол эле мезгилде елке биринчи жолу тыштан карыз алган. Мамлекеттин аскердик кучу Синопто 1854—ж. орус армиясы тарабынан ерттелген. Франция, Англия дениз аскерлери Караденизге согушка кире башташкан. Натыйжада согуш сахнасы Румыниядан Крымга еткен да

---

[10] Новичев А. Д. *Гюлханейский хатт—ы шериф 1839 г. и его внешнеполитический аспект.* // Тюркологический сборник 1972. М., 1973, с. 383.

[11] Новичев А. Д. *Борьба между реформаторами и консерваторами в период Танзимата (1839—1853). //* Тюркологический сборник. М., 1973. с. 90.

тарыхта Крым согушу деп аталып калган.

Олке согуштан кийин *ыслахат ферманын* жарыялаган (1856 — ж.). Аида мамлекеттин ички, тышкы саясатына чет елкелердун аралашуусуна жол ачылган. Айрыкча Осмон мамлекетин кулатуунун жолу катары мамлекеттин ички иштерине кийлигишишип, Россия Осмон мамлекетиндеги христиандардын укуктарын Европа кеземелге

Ыслахат—«жакшыртуу», «оцдоо», «жаныландыруу» дегенди тушундурет. Бул ферман 1856—ж. жарыяланган. Мында мусулман эмес (гайримуслим) калктарга даты кеп укуктун берилиши орун алган. Ал императордукта жаны бир система жана принциптерди ез ичине камтыйт. Негизинен танзиматтын екумдерун ачыктоочу, кенейтуучу реформа болуп эсептелет. Ферманды Мустафа Решид пашанын окуучусу Али паша француз жана англис элчилери менен чогуу иштеп чыккан. Мындан улам Осмон мамлекетинин ички, тышкы саясатына чет элдиктердин аралашуусуна жол ачылган.

алсын деп, Англия ар бир адам каалаган динин тутууга, бирдей укукка ээ болушу керек десе, Франция мусулман христиан ортосунда жамаат, укук, салык, мамлекеттик кызматка алуу тен укукта жургузулсун деген талапты койгон. Булардын ичинен француздардын сунушун Осмон мамлекети кабыл алып, 1856 — ж. 28 —февралда *«ыслахат хатт—ы хумайун»* мамлекеттик кызматкерлердин астында жарыяланган. Ал отуз беш беренеден турган. Ага ылайык динине, ыркына карабастан азчылыкты тузген калктар мектеп, чиркее ачуу укугун ала алат; азчылыкты тузген калктарга жана чет элдиктерге терс мамиле кылынбайт; азчылыкты тузген калктардан да мамлекеттик кызматка алынат; аскер дик тузулуш жана салык саясаты кайрадан иштелип чыгат; сотто ар бир адам езунун ишенимине, динине жараша ант иче алат сыяктуу ж. б. беренелер орун алган. Мындан улам *«Ыслахат ферманы»* мусулмандар менен христиандардын ортосунда чыгарылган келишим сыяктанат. *Ыслахат ферманында* четтиктер ездеру учун пайда кезделгендуктен ал тууралуу позитивдуу пикирлерин арбын билдиришкен. Эки реформа тен мамлекеттин кулашын токтото алган эмес.

Абдулазиз мезгилинде (1861 — 1876— ж.) Сербия, Босния, Герцек, Румыния (Эфлак — Богдан) жана Болгарияда панславизм идеясынан улам чыккан кетерулуштер Осмон мамлекетин алсыздаткан. Крит калкы кетерулуп, алар Грецияга кошулуу максатын коюшкан. Египеттин акими Исмаил пашанын аракети жана Францияныи колдоосу менен Суэц каналы ачылып (1869 —ж.), географиялык ачылыштардан кийин ролун жоготкон Египет кайрадан кучке ээ боло баштаган. Бул Европа елкелерунун Египетке кез артуусуна жол ачкан. Осмон елкесунун бара — бара жерлеринен куру жалак калышы, ички абалында кетерулуштердун биринин артынан бири болушунан улам султан Абдулазиз «жаш осмончулар» тарабынан тактыдан тушурулген.

1876 —ж. бийликке Мурат V келип, ден соолугунан улам кепке турбай, ордуна *мешрутийетти* кабыл алаарына сез берген Абдулхамид II келген. Натыйжада *I Мешрутийет* кабыл алынып, анда негизги ролду французча «жаш турктер» маанисин берген «джон— *турктвр»* ойногон. Абдулхамид II негизги мыйзам маанисине келген *Кануни эсасини* жарыялаган. *I Мешрутийеттин* эн негизги езгечелугу

сез жузунде болсо да бийликке калктын катыша алгандыгында жатат.[12] Анда Осмон мамлекетинин Улуу Мажилиси *айан* жана *мебусан палаталарынан* турган.

XIX к. Осмон мамлекетинин аймактык жактан чон жоготуусу орус — тур к (93 согушу) согушунда (1877 — 1878) болгон. Мында Россиянин негизги максаты дениздерге ээлик кылуу эле. Согуштан кийин Айестефанос келишимине кол коюлуп, Сербия жана Румыния коз каранды эместигин алган. Улуу Болгария королдугу курулган. Батуми, Карс, Ардахан, Чыгыш Бейазыт Россияга берилген. Крит жана армяндар жашаган аймактарда реформа жасалган. Босния, Герцекке автономдук укук берилген; Теселия Грецияга берилген. Осмон мамлекети Россияга согуштагы жоготуулары учун чыгымын телемек болгон. Бирок мындагы беренелердин кээ бири ишке ашпагандыктан 1878—ж. Берлин келишими болуп, Осмон мамлекети «оорукчан адам» сыпатталып, Айестефанос келишиминде коюлуп

ишке ашпай калган беренелер ишке ашмай болгон. Осмон мамлекетине салык телеген [12 13]

Болгария, Македония, анда реформа жургузулет жана Осмон мамлекетинин кол астында калган Чыгыш Румели болуп Болгар королдугу учке белунген. Сербия, Румыния коз карандысыздыгын алган. Босния — Герцек Осмон мамлекетинин аймагына таандык болгон. Карс, Ардахан, Батуми Россияга, Чыгыш Бейазыт Осмон мамлекетине берилген. Армяндардын жашаган аймактарында жана Крит жарым аралында реформа жургузулмек болгон. Осмон мамлекети Россияга согуш чыгымы катары алтымыш миллион алтын тыйын телемек болгон.

Олкону кулоодон сактап калуу чаралары керулуп, 1834 —ж. Парижде, Лондондо жана 1835 —ж. Венада элчиликтер ачылган. 1837 — ж. Берлинде, 1840 — ж. Афинада ачылып, натыйжада XIX к. аягында Осмон мамлекетинин чет мамлекеттерде ачкан элчиликтеринин саны он бешке жеткен . Кептеген турк жаштары чет елкелерге (эн кеп Францияга) аскер иштерин уйренгену барышкан. Мына ушулардын бири Мустафа Решид паша болгон[14 15 16].

Иш чаралар жургузулгенуне карабай Осмон мамлекетинин кулоо процесси тездегенин керууге болот. Бул мезгилде армяндар маселеси биринчи жолу эл аралык маселеге айлана баштаган. Абдулхамид II бийлигинин акыркы жылдарында *II Мешрутийетти* (1908 —ж.) кабыл алган. Мунун жарыяланышында эн чон роль

---

[12] Мешрутийет — бийликте екумдардан сырткары бир мажилистин, парламенттин б олушу.

[13] Айан сезу «белгилуу». «ачык» маанисин берип, Осмон мамлекетинин парламентиндеги улуттук кенештин чечимдерин караган палатанын аты болсо, *мебусан* деп калк тарабынан шайланган депутаттар, алардын тузген палатасы аталган.

[14] Дулина Н. А. *Изменения в Османской дипломатии (30—е годы XIX в.). //* Тюркологический сборник. 1973. М., 1975. с. 67.

[15] Новичев А. Д. *Борьба между реформаторами и консерваторами в период Танзимата (1839—1853). //* Тюркологический сборник. М., 1973. с. 84.

[16] Иттихат жана Теракки—1908 —ж. мешрутийеттен сон мамлекетте курулган саясий партиянын аты. Иттихат жана теракки сездеру «биригуу жана енугуу» дегенди гуш упдур[01'].

ойногон группа «Иттихат жана Теракки» болгон. *I Мешрутийетте* болсо негизинен «Осмончулук» агымына маани берилсе, *II Мешрутийетте* «туркчулук» негизги агым болгон. 1909 —ж. 13 —апрелде Стамбулда кетерулуш чыгып, ал Абдулхамид II тактыдан тушуусу менен аяктаган. Ордуна Мехмет Решат V (1909— 1918) келген.

*I, II Мешрутийет* мезгилдериндеги пикир агымдары Осмончулук (Осмон мамлекетин сактап калуудагы идеология), Исламчылык (панисламизм, мында ислам дуйнесундегу мураскорлукка ээ болуу, императордукту коргоо), туркчулук (турк улутунун негизги баалуулуктарын коргоо), вестернизация (батышты ернек тутуу) болгон. Вестернизация эн алгач аскердик тузулуште башталган. Мехмет Решат V (1909—1918) мезгилинде 1911—ж. Ливия (Траблусгарп) согушу болгон. Италиянын онер жайы табигый байлыктар издеп, Осмон мамлекетинин кол астындагы Траблусгарпка коз арткан. Натыйжада *Уши келишими* менен Траблусгарп Италияга берилген. Бул келишимдин натыйжасында Осмон мамлекети тундук Африкадагы акыркы жерин жоготкон.

XIX к. аягында жети жуз жылдай дунгуреп турган Осмон империясы Африка, Азия жана Европага чейин кучагына алган аймактарын жоготуп, XX к. башында азыркы Туркия Республикасынын территориясы менен чектелип калган. XIX к. жана XX к. башында Осмон мамлекетинен белунуп чыккан мамлекеттер: Ирак, Сирия, Палестина, Иордания, Эфиопия (Хабешистан), Египет, Ливия (Траблусгарп), Тунус, Алжир, Ереция, Албания, Болгария, Югославия, Венгрия, Румыния (Эфлак — Богдан), Украина, Крым, Кавказ, Азербайжан жана мураскору Туркия [17]. Бул мамлекеттердин Осмон мамлекетинен белунуп чыгышына себеп болгон факторлор XIX к. мурда эле бышып жетилгендигинде талаш жок.

---

[17] AFET: *Türk-Osmanlı Tarihinin Karakteristik Noktalarına Bir Bakış.* **Belleten.** C. II. S. 5. II Kanun- Nisan 1938. TTK, (1994 ), s. 130.

I Дуйнелук согушта (1914 — 1918) Осмон мамлекети Германия тарапта болгон. Максаты Балкан жарым аралында жоготкон аймактарын кайра алууну кездеген. Натыйжада Кавказ, Дарданелл (Чанаккале), Ирак, Йемен —Хижаз, Македония, Сирия — Палестина фронтторунда Осмон мамлекети катышкан.

## 2). Х1Х-ХХ к. башындагы Орто Азия мамлекеттеринин саясий абалы жана Осмон мамлекетинин аларга жасаган дипломатиялык саясаты

Тарыхта Орто Азия хандыктарынын (туркче жазма булактарда Туркстан хандыктары деп да аталат) географиялык алкагын изилдеечу 3. В. Тоган темендегудей керсетет. «Туркстан аты географиялык, этнографиялык жана тарыхый жактан алып Караганда туштугу Гурган суусу, Хорасан тоолору, Купет тоосу, Каратоо, Актоолор, Гиндукуш, Мустаг — Куенлун керме тоолору менен, чыгышы Чыгыш Туркстандын чыгыш чеги, тундугу Жунгария, Казакстандын тундугун тузген Иртышка чейин, Арал —Иртыш сууларынын тундугуне чейин, батышы болсо туштук Урал тоолору, Йайык суусу, Волганын денизге куйган жерине чейинки жери, Каспий денизине чейин созулат. Натыйжада аянты беш миллон уч жуз кырк мин алтымыш алты километр квадрат»'. Бул хандыктар ээлеп турган аймактарга учурда Орто Азия жана Казахстан, мындан сырткары турк калктары жашаган Борбордук Азия аймагынын бир белугу кирет.

Орусча жазма булактарда Туркстан тарыхый — географиялык аталыш катары каралып, батыш же орус Туркстаны (Казакстандын туштугу менен Орто Азия), Чыгыш же Кытай Туркстаны (азыркы Кытайдагы Синзян провинциясы) жана Афган Туркстаны (Афганистандын тундугу) болуп учке белунет. Ушул эле аталыштар туркче жазма булактарда да кездешет. Мындан сырткары батыш жана чыгыш турктеру сымал жалпы аталыш да колдонулуп келет.

Zeki Velidî TOGAN: **Bugünkü Türkili Türkistan ve Yakın Tarihi,** Enderun Kitabevi, 2. Baskı, (Ankara, 1981), s. 1.

XIX к. Европалык изилдеечулер Туркстанды чоц жана кичине Бухара деп аташкан. Чоц Бухара Батыш Туркстан, кичине Бухара Чыгыш Туркстан (Синзян) аталган. Туркстан тарыхый — географиялык аталыштын ордуна Орто Азия аты колдонулуп, бара —бара Орто Азия хандыктары деген аталыш илим дуйнесуне кецири тарай баштаган. Туркстан атынын Орто Азия термини менен алмашышында этнографиялык себеп негизги болгонун В. В. Бартольд ез эмгегинде белгилейт[18 19].

Орто Азияда XVI к. аягынан баштап Аштарханийлердин бийлиги екум сурген. Алардан кийин саясий бутундук жоголуп, тундук — батышта Хива, туштук — батышта Бухара, чыгышта Кокон хандыгы жана азыркы Синзянь провинциясында Кашгар хандыгы туптелген. Булардын ичинен Кокон хандыгы XVIII к. башында Бухара эмирлигинен белунуп чыгып, ез алдынча хандык болгон да бара бара Орто Азия тарыхында белгилуу роль ойноп, жарым кылымдай убакытта ез аймагын алда канча кенейткен.

Бухара эмирдиги Зеравшан бассейнин ээлеп, демографиялык жактан ез кезинде уч миллионго жакын санды (езбек, тажик, туркмен) тузсе, Хива хандыгы Амударыянын теменку агымындагы локализацияны ээлеп, калкынын саны жарым миллионго (езбек, туркмен, казак, каракалпак) жеткен. Ал эми Кокон хандыгы болсо негизинен Фергана ереенун ичине камтып, калкы бир миллионду (езбек, кыргыз, тажик жана казак) тузгену тууралуу маалымат алабыз . Туркстанды демографиялык жактан алып Караганда езбек, тажик,

18 Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек, 1997. 420. б.

19 Халфин Н. А. Россия и ханства Средней Азии, (первая половина XIX века). М., 1974. с. 11.

туркмен, казак, кыргыз жана каракалпак калктары жашаган аймак болуп, хандыктардын башында алгач езбек сулалелери (Бухарада мангыттар, Хивада коцураттар, Кокондо миц сулалеси) турганын керууте болот. В. В. Бартольд бул тууралуу эмгегинде эки Туркстанда да (Чыгыш жана Батыш Туркстан тууралуу сез болуп жатат) бир тектеги, бир маданияттагы элдер жашашат деп берет[20].

XIX. к. орус падышачылыгынын Туркстанга кол салуусуна чейин Бухара эмирдиги Зеравшан, Кашка, Каратегин, Андижан, Самарканд, Бухара, Карши, Гисар (Исар), Керки жана Жизак вилаяттарын, Хива хандыгы Хорезм ереену, Арал келунун туштугунен Мервке чейинки аймакты жана Хива, Конград, Ургенч, Газават, Хазерасп шаарларын жана Кокон хандыгы Фергана ереену менен чыгыштан Ысыккелден батыштагы Сырдарыяга чейин, Ташкент, Маргалан, Олуята, Пишпек, Наманган, Туркстан, Акмечит шаарларын ээлеп келген. Кашгар хандыгынын болсо Кашгар, Яркенд, Аксу, Хотен, Турфан, Урумчи шаарлары негизги аймактары болуп саналган.

XIX к. — Орто Азия мамлекеттеринин ез ара согушуу мезгили болгон. Эн башта 1800—ж. Бухаранын эмири болгон Хайдар шах бийлик талашуу коркунучуна туш келууден коркуп, бир туугандарын жана жакын туугандарын елтуре баштаган. Булардан бир белугу Хивага, бир белугу Коконго кездей качкан. Натыйжада Хайдар шах бир нече жолу Хива, Коконго кол салып, Хива менен болгон согушта женишке жетишсе да, Кокондон бир нече жолу женилип калган жана кездеген жери Ташкентти толугу менен ала алган эмес. Мындан улам аларды баш ийдирууде Осмон мамлекетинен бир расмий кат куткен.

---

[4] Бартольд В. В. Сочинения. Т. 6 . М., 1965. с. 521.

XIX к. Бухарага карты Кокон менен Хива союз тузуп келишкен. А. Вамберинин берген маалыматы боюнча алысты коре албаган саясатчылар Бухара эмири Насрулланын Хивага, Коконго кол салышын Россияга карты **тынчтык** жолу менен бириге албаса, аларды согуш жолу менен езуне бириктирууну ойлогон деген корутундуга барышы мумкун деп берет ’. Бирок Бухаранын эч качан андай ою болбогонун ошол эле автор езунун эмгегинде баяндайт. Алар эгер Россия кол салса, биригуунун ордуна ез ара чыр — чатактан улам орток душмандарына жакты ебелге тузуп беришээрин билдирет. Хива, Кокон Бухаранын элдешпес душмандары болгонуна карабай Бухара учун чон коркунуч туудурган эмес. Хива хандыгын ички факторлор (чаудар, кайсактардын ич ара согушу) жудетсе, Кокон хандыгында кыпчак, кыргыз жана езбектердин чыр — чатактарынан хандыктын ички абалы начардаган учурлары кеп болгон.

1839 —ж. аскер башчы генерал Перовский он уч мин кишиден турган аскер тобу менен Хива хандыгына кол салып, женилууге учураган. Так ушул жылдары Кокон хандыгында ич ара келишпестиктерден улам (Хаккулунун Мадали тарабынан елтуртулушу) Кокондук Хаккулунун жандаштары жана башка терелер Бухара эмири Насруллага Коконду басып алуусун суранып кайрылышкан. Натыйжада Насрулла Коконго кол салып каратып алган сон Мадилини елтурткен.

XIX к. экинчи жарымы Орто Азия мамлекеттери учун Россия падышачылыгынын Батыш Туркстанды басып алуу саясатынын куч алган мезгилинде Туркстандын чыгышында жаны хандык (Кашгар хандыгы) туптелген. XIX к. Чыгыш Туркстан учун бийлик [21] алмашуулардын жылы болгон. Алсак, элуу эки жылдын ичинде (1825 — 1877) он терт жолу бийлик башындагы адамдын алмашканынан кабар алабыз[22] [23]. Мындан улам ар бир бийлик башына келген адам езунун административдик тузулушун орноткон. Мындан сырткары XIX к. Кашгардагы эн кандуу жылдарга 1825 —ж. Жихангир кожонун кетерулушун,

---

[21] Вамбери А. Очерки Средней Азии. (Дополнение к путешествию по Средней Азии). М,, 1868. с. 360.

[22] Кляшторный С. Г., Колесников А. А. Восточный Туркестан глазами русских путешественников. (Вторая половина XIX в. ). Алма-Ата, 1988. с. 101.

[23]Тихонов Д. *Некоторые вопросы внутренней политики Якуб—бека.* // Ученые записки института востоковедения. Т. 26. М., 1958, с. 112.

1830—ж. Кокон аскерлеринин жортуулун, 1847—ж. Катта Торе, 1857—ж. Валихан теренун, 1862 —1863—ж. Кашгардыктардын Кытайга каршы кетерулуштерун, 1864 —1868—ж. Якуб бектин Кашгарды ээлешин, 1869 —ж. Якуб бектин Сарыкелдегу кетерулушке каршы жортуулун, 1872 —ж. дунгандардын Якуб бекке каршы кетерулушун, 1876 —1877 —ж. Якуб бектин кытайлыктарга каршы согушун кошууга болот.

Кучарда Рашид ад —Дин кожо, Кашгарда алгач кыргыз Садык бек, 1865 —ж. баштап Бузурук хан, Урумчиде дунгандар, Иледе таранчиндер бийлик кылып турган. Мындай абалдын ичинен Якуб бек жениш менен чыккан. Якуб бек алгач Бузурук ханды Мекеге ажылыкка жиберип, жогорку бийликти ээлеп, езун «*аталык»* деп жарыялаган. Изилдеечу Д. Тихоновдун берген маалыматы боюнча Якуб бектин ички жана тышкы саясаты калкка каршы саясат болгон. Ички саясатында феодалдардын кызыкчылыгын кездеп, тышкы саясатында Осмон мамлекетинин султанынан пайдаланып, аны менен дипломатиялык байланышын кучеткен. Ал эми Англия, Россия менен болсо соода байланыштарын бекемдееге аракеттенген . Якуб бек езунун зоболосун кетерууде дин адамдарынан пайдаланган. Мындан улам елкесунде исламдын шарттарын катуу кармаганга аракет кылган. Мисалы, аялдар сыртта паранжы жабынуусу керек болгон. Ичимдик ичууге, азгыруучу оюндар ойноого тыюу салган. Кашгар да эс алуу куну жума болгон. Жада калса езу «аталык *гази*» жана «*бакдээлэт*» наамдарын алган.

Якуб бектин бийлиги мезгилинде (1865—1877) жаны мамлекетте о куч ээси болуу учун Англия менен Россия езунче бир дуэлло болгон . Якуб бектин бийлиги Орто Азияда Россиянин экспансия саясаты жана Афганистанда Англиянын саясаты башталган мезгилге туш келген. Мындан улам XIX к. 60 — 70. жылдарында Англия менен Россиянин жаны территорияларды ээлее аракети мезгилинде Якуб бектин саясатын жана Чыгыш Туркстанды изилдее, таанууга аракет башталган. Кыска убакытта Кашгарга Англиядан, Россиядан элчилер, соодагерлер жана саякатчылар келген.

Турк изилдеечусу М. Сарайдын берген маалыматы боюнча Кашгар ханы Якуб бек бийликтин ага чексиз турде берилиши, елген сон анын уулуна етушуне

Осмон мамлекетинин уруксат беришин суранган катын жиберген. Осмон мамлекети темендегудей шарттарды коюу менен анын суранычынын ишке ашаарын билдирген. Алар: Кашгарда кутпа халифа (Осмон мамлекетинин) атына окулушу; Акчада халифанын атынын басылышы; Осмон мамлекетинин желеги Кашгарда да желбиреп турушу[24 25]; Бул талаптар Кашгар хандыгында анын кулашына чейин иш жузуне ашып турган.

XIX к. ар бир хандык ез алдынча Осмон мамлекети менен байланышып туруу менен бири бирин жамандап султанга расмий кат жиберген кундеру болгон. Бухара эмирлиги болсо Хива, Кокон хандыктарын езуне душман катары санап, алар тууралуу Осмон мамлекети менен байланышында эч бир маалымат бербегенге (амалкейлук менен) аракет кылган. Валким Осмон мамлекети ага баштан бери башка хандыктарга салыштырмалуу маани берип байланышып келгендигинде жатса керек. Эмирлик Осмон мамлекетинин колдоосу менен хандыктардын устунен бийлик жургузууну пландап келген.

Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы эн алгачкы байланыш маселесине келеек, 1514—ж. Шах Исмаил (шии Иран) Явуз Султан Селимден женилген (Чалдыран согушу 1514—ж.). Ушул женишти билдирип, Явуз Султан Селим езбек екумдары Кечкунчу ханга расмий кат жибергени архивдик документ катары кездешет . Ал кезде Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосунда тоскоолдук кылган елке Иран болгон.

1556—ж. Россиянын Астраханды ээлеши Орто Азия мусулмандарынын Каспий аркылуу ажылыкка баруусуна тоскоол болгон. Алар Осмон мамлекетине бир чара табууну жар дам суроо менен кайрылышкан. Ошол мезгилде Осмон мамлекети (1569 —ж.) Крым, Кавказ жана Орто Азияга кездей Россиянын бет албашы учун Дон —Волга сууларын бир канал аркылуу бириктируу чечимин кабыл алышкан, бирок

---

24 .

Tsing, YU AN: *YakıpBeg (1820-1877) and the Moslem Rebellion on Chinese Turkestan, Central Asiatic Journal 6, no. 2 (1961).* Çev. Eşref Bengi ÖZBİLEN: *Yakup Beg (1820-1877) ve Çin Türkistanı'ndaki Müslüman Ayaklanması.* **Türk Dünyası Araştırmaları Dergisi.** (1993. №2.), s. 59.

25 Mehmet SARAY: **Rus İşgali Devrinde Osmanlı Devleti İle Türkistan Hanlıkları Arasındaki Siyasi Münasebetler. (1775-1875).** (İstanbul 1990), s. **111.**

ошол мезгилдеги саясий абалдан улам ишке ашпай [111] **Mehmet SARAY: Rus İşgali Devrinde Osmanlı Devleti İle Türkistan Hanlıkları Arasındaki Siyasi Münasebetler. (1775-1875). (İstanbul, 1990), s. 5.**

калган[11]. Эц алгачкы байланыш Иранга каршы осмон —езбек дипломатиялык байланышы болгону керунуп турат.

Эмне учун Орто Азия хандыктарынын ичинен Бухара менен Осмон мамлекетинин ортосунда байланыш башкаларга салыштырмалуу бекем болгон. Бул маселени изилдеечу М. Сарай Хива, Кокон хандыктарынын Бухаранын кол астынан белунуп чыкканы жана Бухара ага чейинки езбек хандыгынын тузден туз мураскору болгону менен байланыштырат[26] [27]. Валким эмир Тимурдун андан езбек хандыгынын мураскору катары болгондугунан же эмир титулун алышынан, тубун Тимурга чейин таяшынан да болушу ыктымал деген тыянакты чыгарууга болот. XIX к. хандыктардагы ез ара мамилелерден да байкалгандай Хива, Кашгар жана Коконго Караганда Бухара эмирлигинин саясий жактан алда канча жогору турганын баамдоого болот. Алсак, Бухара эмири тарабынан Кокон догу жогорку мансап ээлерине «датка» наамынын жана Кашгар эмири Якуб бекке «аталык гази» наамынын берилиши буга бир далил боло алат.

Персия Орто Азия мамлекеттерине коншу болгону менен элчилик байланыштары ото эле сейрек болгон. Мунун бир себеби алардын шии сектасына киришинде жатат. Ал эми Бухаранын кайсы бир маселеден улам Кытай менен жуз жылда бир жолу байланышы болбосо,
кыйраткан байланыш болбогонун А. Вамбери езунун эмгегинде баяндап етет[13].

Осмон мамлекети Россия менен куреште Орто Азия хандыктарын жардамга чакырса, Россия Орто Азияга саясатын баштаган кезде Орто Азия хандыктары Осмон мамлекетинен жардам сурап кайрылып турган. Эки тараптын географиялык аймагы бири биринен ото алые жайгашкандыктан ез ара жардамдарды убагында бере алышкан эмес. Осмон мамлекети Бухара, Хива, Кокон жана Кашгарды ездерунун таянычы катары керген, бирок хандыктар андай даражага жете алган

---

[26] Бул боюнча атайын туркче илимий макала жазылган, карацыз: Halil İNALCIK: **Osmanlı-Rus Rekabetinin Menşeî ve Don-Volga Kanalı Teşebbüsü (1569).** TTK. **Belleten.** C. XII. S. 46. Nisan (Ankara, 1948 ), ss. 349-402.

[27] Mehmet SARAY: **Rus İşgali Devrinde Osmanlı Devleti İle Türkistan Hanlıkları Arasındaki Siyasi Münasebetler. (1775-1875). (** İstanbul, 1990 **),** s. 17.

эмес. Анткени, 1865 —ж. Россиянын Ташкентти алышынан кийин Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы байланыш начардаган. Анткени, Ташкент жалпы Туркстан аймагынын негизги чордону болгон.

Туркстан хандыктары Осмон мамлекетинен курал —жарак, аскер жана мылтык сурашкан. Осмон мамлекети ислам дуйнесунун халифаты болгондуктан Туркстан хандыктары диний жактан да жардам сурап турушкан. Ажылыкка баруу учун сапарда коопсуздук жана материалдык жардамдарды Осмон мамлекети берип турган. Туркстан хандыктарындагы шайхулисламдар медреселер учун даре китептерди сурашкан, кепчулук учурда алардын мындай талаптары орундалган. Саясий жактан байланышта болсо XVI к. Осмон мамлекети менен езбек хандыгынын ортосунда дипломатиялык байланыш шии Иранга каршы башталса, XIX к. жана XX к. башында Россияга каршы (кээде хандыктар бири бирине каршы) болуп келген. Россияга каршы Осмон мамлекети ез кезинде Туркстан хандыктарын жардамга, биригууте чакырса, Россиянын Орто Азия хандарына каршы баекынчыл [28] саясатында алар Осмон мамлекетинен жар дам сурап кайрылышкан. Бирок Орто Азия мамлекеттеринде эл аралык мамилени женге сала турган мекеме болгон эмес. Дипломатиялык максаттар менен Россияга чиновниктерден (кээде соодагерлерден) жиберилип турганын изилдеечу Н. А. Халфин белгилейт[29] [30]. Осмон мамлекетине болсо элчи катары ажылар, мамлекеттик кызматтагы адамдардан барып турган.

Орто Азияда орус чалгынчыларынын аракеттери куч алып, алар акырындык менен кенири маалыматтарды чогултушуп, стратегиялык максаттар ды ишке ашыра башташкан. Орто Азия хандыктарынын Россияга каршы куреше албагандыгынын бирден бир себеби алардагы биримдиктин жоктугунда жатат. С. Финдлейдин берген маалыматы боюнча Россия императордугу Азияны эки баскычта ээлеген. Биринчиси 1730—1848—ж. азыркы Казакстандын аймагынын кепчулугун ээлеген. Экинчиси 1864 —1884—ж. туштукке карай бет алып, азыркы Туркменистан, Кыргызстан, -

---

[28] Вамбери А. Очерки Средней Азии. (Дополнение к путешествию по Средней Азии). М,, 1868. с. 364.

[29] Халфин Н. А. Россия и ханства Средней Азии, (первая половина XIX века). М., 1974, с. 16.

[30] Carter Vaughh FINDLEY: **Dünya Tarihinde Türkler.** Çev. Ayşen ANADOL. (İstanbul, 2006), s. 182.

Узбекстан жана Тажикстанды ээлешкен[10].

Осмон мамлекетинен жардамдын келбегендигинин бир себебин изилдеечу М. Сарай [31] хандыктардын ортосундагы биримдиктин ишке ашпашына байланыштырат. Бирок орус падышачылыгынын Туркстанды басып алуу процесси башталган кезде Осмон мамлекети да алсыз абалда экенин унутпоо керек. Осмон мамлекетинин Орто Азияга жУРгУзген саясаты Кытай, Англия жана Россия мамлекетинен айырмаланып гуманитардык мунезде болгонун керууге болот.

XX к. башында Туркстан политониминин ордуна жалпысынан Орто Азия калктары аталышын колдонуу туура болчудай. Ал мезгилде Осмон мамлекети менен байланыш эц кеп маданий жана экономикалык жактан болгонун белгилей кетуу керек. Анткени, ал мезгилдеги эн маанилуу окуя Туркстан дын калкы татарлардын лидерлигинде сабатсыздыкты жоюу процессии башташкан. Буларга «жадидчи», кыймылына «жадидизм» деп аташкан . Жадидчилер мугалим, дин адамы, жазуучу, гезитчилерден болгон. Буларга ©збекстандык Муневвер Кари аттуу адам мисал боло алат. Ал жаны метод менен билим беруунун уюткусу болгон Исмаил Гаспринскийден пайдаланып, ез кезинде «Тержуман» (Котормочу) гезитин алып турган. Мындай методдо мектеп Ташкентте 1901 — ж. ачылган[32 33 34]. Ал Туркиядан

---

[31] Mehmet SARAY: **Rus İşgali Devrinde Osmanlı Devleti İle Türkistan Hanlıkları Arasındaki Siyasi Münasebetler (1775-1875).** (Ankara. 1994), s. 142.

[32] Крымдык Исмаил Гаспринский *«жацы у гул»* маанисиндеги «*усул—и жедид*» атында билим берудд[0] жацылык Киргизии, турк тектуу калктарга жайган система «*жедидизм*» деп аталат. Бул система мусулман турк калкынын улупук ац — сезимин ойготууда чон роль ойногон. 1883 —ж. «Тержуман» гезитин чыгарып, отуз бир жыл езунун ой — пикирин турк дуйнесуне жайган. 1893 — ж. Туркстанга, 1907— 1908 —ж. Туркияга барып бул маселеде езунун конференцияларын берип келген. Ал жогоруда аты аталган «Тержуман» аттуу гезитинде «дилде, пикирде жана иште биримдуулук» ураанын максат кылып коюп, турк дуйнесунун енугуусунде зор роль ойногон. 1912 — ж. Стамбулдагы «жаш турктер» Осмон мамлекетиндеги Межлис —и айанга муче болуусун сураныщканда, Бакчасарайдагы типографиясында ишин улантуу учун сунуштан баш тарткан.

Vecilıi Sefa Fuat HEKÎMOGLU: *XIX Yüzyılda Kazakistan'da Kültürel Gelişmeler.* **Türk Dünyası Araştırmaları Vakfı.** S. 114. (İstanbul, 2003 ), Haziran-Temmuz. s. 121.

[34] İbrahim YARKIN: *Türkistan 'da 'Yeni Usul ' Öğretimin Kurucusu ve Milliyetçi Rehber Münewer Kari* **Türk Kültürünü Araştırma Dergisi**. Yıl II. S. 1-2. (Ankara, 1965), s. 164.

келген «Сарф —ы Османи» же «Нахв —и Османи» [35] атындагы китептерди жашыруун окуткан. Демек, XX к. башында Осмон мамлекетинин Орто Азияга таасири куч алганын керууге болот. «Жаш турктер» деп аталган уюм ездерунун *«Стамбул жацылыктары»* аттуу гезитин женетуп турушканын, аны Токмоктогу медресе, мектептер колдонгонун илимий эмгектер тастыктап турат.

1906 —ж. Верныйда мусулмандардын биринчи съезди болгон. Суфизм, ишан жана муриттер турк халифатынын[36] [37] алдында Туркстанда бирдиктуу мусулман мамлекетин куруу оюн ага чейин эле улантып келишкен. Муну изилдеечу А. Чукубаев панисламисттик коз караш катары карайт . Ал мезгилге чейин эле диний адабияттар Туркстанда кенири жайылган. Аида негизинен мусулмандар «Туркстанга каапырлар келди, аларды бар дык жерде елтургуле!» сыяктуу ураандарды таратышкан. Мына ушундай ураандардын ишке ашканына ернек бул 1898—ж. Андижан кетерулушу болуп эсептелет. Жогоруда баяндалган диний адабияттар га Рагузинин «Пайгамбарлардын етмушу», Ахмет Яссевинин «Хикмет» аттуу эмгеги, Сулайман Бакыргандын «Акыр заман» аттуу адабий эмгектери мисал боло алат.

XIX к. жана XX к. башында Орто Азияда оор тарыхый кырдаал жаралган. Саясий жактан Туркстандын орус падышачылыгына каратылышы, кептеген саясий окуялардын етушу, ири мамлекеттерден
Россия, Англиянын жеке кызыкчылыгын кездеген саясаты кенулду бурат. Ал эми Осмон мамлекети алардан айырмаланып бир тууғандык байланышын беш кылымдай узгултуктуу турде сурдуруп келгенин керууге болот.

---

[211] «Сарф —ы Османи» же «Нахв —и Османи» — *сарф—ы османи* китеби осмон тилинин грамматикасын уйретуучу китеп, *нахв—и османи* болсо осмон тилинин синтаксисин уйретуучу китеп болуп саналат.

[36] Осмон мамлекети женунде сез болуп жатат.

[37] Чукубаев А. Классовая борьба и общественная мысль в Киргизии (1900—1917). Ф., 1967. с. 59.

## *III. БАП. ДИПЛОМАТИЯЛЫК КАТТАРГА ЖААПЫ МУНОЗДОМО ЖАНА АНАЛИЗ*

Илимий иште пайдаланылган дипломатиялык каттардын дээрлик бардыгы ез кезинде *«Хазине—и эврак»* (документтер сакталчу казына, жай) деп аталган Осмон мамлекетинин архивинде сакталган. Азыр алар Стамбул шаарындагы Туркиянын мамлекеттик архивинде орун алган жана архивдик документтердин жалпы саны жуз элуу миллионго жетет[38] [39].

Архивдик документтер хронологиялык жактан чон уч топко белунген. Биринчи топто жогоруда аты аталган *хазине—и эврактын*

о

курулунгунан *II Мешрутийетке* чейинки документтер (1846 — 1908— ж.), экинчи топто *II Мешрутийеттен* Осмон мамлекетинин кулашына чейинки мезгилге таандык документтер (1908 — 1924— ж.), ал эми учунчу топто Туркия Республикасына таандык документтер сакталат. Биринчи, экинчи топтордогу документтерде Орто Азиянын XIX к. жана XX к. башталыш тарыхы учун маанилуу булак боло турган документтер кездешет.

Осмон мамлекетинин мезгилине таандык архив документтердин басымдуу белугу бугунку кунге чейин жеткен. ©з убагында Осмон мамлекетине кыркка жакын мамлекет баш ийип, алардын тарыхына тиешелуу маалыматтар да ошол архив де орун алган. Анда Орто Азия

---

[38] **Başbakanlık Osmanlı Arşivi Katalogları Rehberi. (** Ankara, 1998), **s.** 7.

[39] Мешрутийет — Осмон мамлекетиндеги жаңылануу мезгили. (1876 — 1909 —жж. ).

хандыктары менен дипломатиялык байланышты айгинелеген документтер да аз эмес.

Осмон мамлекетинин алгачкы жылдарында кыска меенеттук документтер езунче топтолуп, бир канча айга тацгакталып, жыл узаган соц тематикасына, мазмунуна жараша кутуларга салынган. Анда кандай чечим, документтер бар экени капкагына жазылып, *Баб—ы Али*[40] деген жайда сакталган. «*Баб—ы* Али» архивине чейин документацияга «*дептерхане*» аталышы колдонулган [41] [42]. Кийинчерээк документтердин андан жакшы сакталуусу учун имараттар салына баштаган. Султан Абдулмежид мезгилинде 1846 —ж. 8 —ноябрда (19 Зилкаде хижра 1262) жогоруда баяндалган *«Хазине—и эврак»* архивинин курулуш иштери буткен.

Осмон елкесунде архив башчысы *«дефтер эмини»* (дептер жана документацияга жоопкер адам) деп аталган. Ал документти алуу, кароо иштерин баш вазирден тушчу жазылуу буйрук аркылуу кеземелге алганМындан улам керектуу документти кыска убакытта табууга мумкун болгон. Архив дин иш тартиби ото дыкат иштелип, документтер бир канча классификацияга белунген. Орто Азия хандыктарына байланыштуу документтер *Йылдыз, Хатт—ы хумайун, Ираде* жана *Наме—и хумайун* аталган белумдерде жайгашкан.

XIX к. экинчи жарымындагы Танзимат[43] реформасынан улам ири мекемелер ачылып, жацы архивдер курула баштаган. Ички жана Тышкы иштер министрликтеринин, ал тургай ар кайсыл фонддордун (вакыфтардын) жеке архивдери тузулген. Абдулхамид II (1876 — 1909) мезгилинде *Йылдыз* сарайында курултаи «*Йылдыз*» архиви ошол убакта ачылган архивдердин эц маанилуулерунен

---

[40] Баб — ы Али —Осмон мамлекетинде Стамбул шаарында баш вазирлик менен бирге Ички жана Тышкы иптгер министрликтеринин жайгашкан мекемесинин аты.

[41] **Belgelerle Arşivcilik Tarihimiz I (Osmaılı Dönemi).** ( Ankara, 2000), s. 17.

[42] Yılmaz ÖZTUNA: **Osmanlı Devleti Tarihi, c. II.** (Ankara, 1998), s. 66.

[43] Танзимат—«система», «жаны тузулуш» маанисин берип, Осмон мамлекетинде султан Абдулмежид мезгилинде 1839—ж. 3 —ноябрда Гулханеде окулган екумдардын буйругу болуу менен 1877 —ж. орус — турк согушу мезгилине чейин уланган реформа болуп саналат.

бири болгон. Аида Абдулхамид II (1876—1909) менен Орто Азия хандарынын дипломатиялык байланыштарын камтыган документтер сакталган. Илимий иште *Йылдыз* архивинде сакталган документтер колдон келишинче арбын пайдаланылды.

Мамлекеттик архивде Осмон мамлекетинин султандарына тиешелуу жазуулар (*хатт—ы хумайун)* маанилуу орунду ээлейт. *Хатт— ы хумайун — «хатт»* сезу арап тилинен алынып, «жазуу» деген маанини тушундурсе, *«хатт—ы хумайун»* — падышанын жазуусу деп чечмеленет. Осмон мамлекетинде султандын жазуу турунде берген буйруктары *«хатт—ы хумайун»* же *«хатт—ы шериф»* деп аталган. Эгерде *«хатт»* тузден туз екумдар тарабынан жазылса, ал сарайдагы баш катчылар тарабынан даярдалган жана екумдардын колу коюлган буйруктан алда канча жогору турган. Бул белумде Орто Азия хандыктары менен байланышкан маселелер ото кеп кездешет.

1832 —ж. чейинки *«хатт—ы хумайундарда»* баш вазир даярдаган жазууларды султан езу контролдоп, документтин биринчи барагынын он бурчуна «ооба» же «жок» деп ишареттеген. Булар кебунче кыскача турде *«мунасиб исе вериле, вердим, вериле»* (ылайыктуу болсо берилсин, буйрук бердим, берсин) сыяктуу буйруктар болгон. Ал эми 1832 —ж. кийин баш вазирдин султанга жазган жазуулары падыша сарайындагы баш катчы аркылуу еткен. Баш катчынын негизги милдети екумдардын оозеки буйруктарын жазуу жузунде даярдоо менен чектелген. Мындай езгеруу Махмуд Адли II (1808—1839) мезгилинде киргизилген. Адатта *хатт—ы хумайундарда* дата керсетулген эмес. ©кумдарлар арасынан Абдулхамид II (1876 — 1909) документтин датасын коюуга маани берген жана анын мезгилинде *хатт—ы хумайундун* сол тарабына документ каралган дата коюлган.

Султандын кайсыдыр маселе боюнча берген буйругуна «*эмир*» же буйрукту тушундурген «ираде», ал эми маанилуу буйрук учун *«ираде—и сениййе»* аталышы колдонулуп, алардын оозеки жана жазылуу турлеру практикаланган. Буйрук жазуу турунде сарайдагы баш катчы аркылуу баш вазирге билдирилген. Башында султан

буйрукту (ирадени) езу жазса, Танзиматтан кийин аны кебунесе мабейндин' баш катчысы жаза баштаган. Осмон мамлекетинин екумдарларынын езулеру жазган же баш катчыга жаздырткан документтердин бир туру «*наме—и хумайун*» деп аталган. Анда Осмон мамлекетинин султандары менен Орто Азия жана башка елкелердун екумдарларынын расмий каттары орун алган.

Султан кайсы мамлекеттин екумдарына расмий кат жиберсе ошол екумдарга жана анын мамлекетине карата езгече сыпаттар колдонгон. Алсак, Туркстан хандарына «*али—женаб*» (улуу улуулук), «*салтанат—меаб*» (салтанаттуу жер), «*саадет—нисаб*» (чыныгы [44] бакыттын жайы), «*шевкет—интисаб*» (шапкатка беленген), *«хами—и мезхеб—и ханифе—и Ханефиййе*» (Ханефилик агымын коргоочу), «*саадет—и иктисаб*» (бактылуулук алып келген), «*баалаа—нишин бар— гах жах ве желалет ваала мекиин серир ве небалет ве бесалет меска пирайы хукумет Ферган земинг*> (жогорку макамдын, бийлик жана тактынын, баатырдыктын ээси —Фергана аймагынын башкаруучусу) сыяктуу сын — сыпат маанисин билдирген сездер колдонулган.

Мекемелер ортосундагы расмий жазышууларда да кайрылуу формалары колдонулган. Расмий кат илимпоздон баш вазирликке «*маруз—ы дай—и кеминелеридир ки*» (карапайым бата кылуучунуздун арзуусу) деген кайрылуу менен башталган болсо, илимпоздон башканын баары «*маруз—ы чакер—и кеминелеридир ки*» (карапайым кулунуздун арзуусу) деп катты баштоого тийиш болгон.

1846 —ж. кийин жазуулар системага салынып, расмий жазуу турлеру

[44]«Мабейн» сезу Осмон мамлекетинде бир канча мааниде колдонулуп келген. Сездун негизги мааниси «бир нерсенин ортосу», «арасы» дегенди билдирет. Биринчи кыйыр мааниси сарайда гаремдер менен эркектердин жашаган жеринин ортосунда жайгашкан жай. Экинчиси падышанын сарайында эн жакындарынын жашаган жери. Учунчусу болсо жалпы аталыш маанисинде «падыша сарайы» дегенди билдирет.

«*муншеат межмуаларьи*> (расмий жазуу стилинин топтому) деп аталган журналдарга жазылган да, алардын дээрлик кепчулугу кыскартылып, бара —бара женекейлештурулген формада колдонула баштаган. Орто Азия хандыктарынан келген каттардагы маселени чечууде алгач аны султанга билдирууден мурун каттын мазмунуна жараша тиешелуу мекемелерге билдирилген. Буларга Ички, Тышкы иштер министрликтери, Улуу мажилис (Жогорку Кенеш) жана Финансы министрлиги мисал боло алат.

Жогорку Кенештин токтомуна же комиссиясынын чечимине «*мазбата*» («чечим», «токтом») делген. Анда комиссиянын мучелерунун колу коюлуп, меер басылып, жогорку мекемеге сунулган. Мындагы мамлекеттик меер алтын, кумуш, темир, калай жана башка баалуу таштардан жасалган. Жеке, расмий меерлерден сырткары фонддордун (вакыфтар) да меерлеру болгон. Падышанын мееру башка меерлерден айырмаланып, «мухр—у *хумайун*» (падышанын мееру) деп аталып, ал екумдарды данктаган жазуулардан турган. Мындан сырткары расмий меерлердун уч туру болгон. Анда, адамдын аты жену, экинчисинде макамдын аты, учунчусундо адамдын аты, жену жана макамдын аты чогуу жазылган. Учунчу турдогу моерлор XIX к. ото коп колдонулганын Орто Азия хандыктарына байланышкан архивдик документтерден байкоого болот.

Экономикалык жардам суралган расмий каттарды Финансы министрлиги карап, андан сон султанга сунуштаган. Саясий, гуманитар дык жана маданий байланыштарда болсо маселени Тышкы иштер министрлиги караган.

Султан Абдулхамид II мезгилинде баш вазирдин екумдарга сунган жазуусунда «*женаб—ы мулукане*» (улуу урматтуу мулктун ээси), «*женаб—ы падишахи*» (улуу урматтуу падыша), «*женаб—ы хилафет— пенахт*> (улуу урматтуу коргоочу) сыяктуу сыпаттар колдонулган. Мындан улам алардын жазуусу «екумдардын буйругу менен» же «буйрук екумдарга тиешелуу» маанисин берген «*ираде—и сенийе—и хилафет—пенахи шереф—судур буйурулмуш олмагла*» же

«*ираде—и сениййе—и хазрет—и хилафет—пенахи шереф—мутеаллык буйрулмуш олмагла*» сыяктуу сездер менен буткен.

Мекемелерден баш вазирликке женетулген жазууларга «*такрир*» («чечим», «ачыктоо») делсе, аны баш вазирдин екумдарга билдируусуне <.<*такрир—и али*» («негизги ачыктоо») деп аталган. Орто Азия хандыктарынан келген каттардагы маселени баш вазирге билдирууде *такрир* жазылып, ал *((ресиде—и дести», ((зивер—и дести*» (ушул колунуздагы) сымал сылыктыкты билдирген сездер менен башталган.

Баш вазирликтен келген буйруктар кайрадан баш вазирликке тапшырылышын билдирген *«леффен иаде кылынмыш олмагла йине савб—ы сами—и асафанелерине иаде кылынмыш олдугу, зикр олунан мектуб ве каимелер леффен иаде—и хак—пай—ы девлетлери кылынмыш олмагла»* сымал ачыктоолор сезсуз жазылган жана аягы «мындагы буйрук толугу менен екумдардын буйругу» маанисине келген «ол *бабда эмр у ферман хазрет—и велиййул эмриндиру*> суйлему менен буткен. Буга синоним *«.эмр—у ферман девлетлу падишах хазретлерининдиру*> (буйрук деелеттуу улуу падышага тиешелуу) фразасы да кээ бир документтерде колдонулганын керууге болот. Демек, баш вазирдин теменку макамга берген буйругу кайрадан баш вазирликке документ катары еткерулуп берилиши керек болгон. Натыйжада булардын баары архивге документ катары коюлган.

Кайсыдыр маселе боюнча ез оюн, арыз мунун билдирген расмий жазууга *«арз—у халг*> («тилегин, ал —абалын билдируу») делип, муну ар бир адам (аскер, карапайым, атугул элчи) жаза алган. Буга мисал Кокондук элчинин каттын жообун кепке кугуп калганын, аба —ырайы сууй электе кайра жол тарта турганын, мындан улам кечигип жатканын билдирген «арз—у хал» кездешет. Ал эми *«арз»* расмий документти екумдарга сунууга делип, буга кебунче мамлекеттик кызматтагылардын арызы кирген.

Документтерде «дуа»[45] аталышында да расмий жазуулар кездешет. Осмон мамлекетинде *дуа* жазганга «дай» деп аташкан. ©кумдардын жана мамлекеттин узун емурлуу болушу учун жаратуучуга дуба (бата) кылышкан. Орто Азия хандарынын каттарында да ислам дуйнесунун мураскорунун (Осмон мамлекети женунде сез болуп жатат) узун емурлуу болушун тилеп бата кылгандары байкалат.

Архивдик документтердин жазуу стилине келеек, алар осмон тилинде (Осмон мамлекетинин тили), арап арибинде жазылган. Анда арап, перс тилинен кеп сездер осмон тилине оошуп келип, анын жазуу стилинде калыпка айланып калганы байкалат. Алар расмий жазууларда жыш колдонулуп, экиленткен турде берилгенин керууге болот. Мындан улам осмон тили азыркы турк тилинен ото эле айырмаланып турат. Аны эпистолярдык жанрында кездешкен ар кандай титулдар, сылыктыкты билдирген сез айкаштары айгинелейт. Алсак, «*Атуфетлу эфендим хазретлери*» (улуу урматтуу таксыр), «*Маруз—ы чакери кеминелеридир ки*» (карапайым кулунуздун арзуусу), «*Тараф—ы эшреф— и хазрети незарет пенахи*» (улуу урматтуу министрге) сыяктуу кайрылуулар мисал боло алат. Жогоруда кездешкен кайрылуу формаларындагы сездердун бири да турк тилинин тектуу сезу эмес экенин байкоого болот. Изилдеечу Финдлей (Findley Carter Vaughh) Осмон мамлекетинин расмий тили синтаксистик жактан туркче болгонуна карабай арап, перс сездеру, фраза жана терминдери менен аябай коолдолгонун белгилеп кетет[46].

Документтин датасын коюуда хижра жылы, арап ай аттары колдонулган. Ай аталыштарынын (мухаррем, сафер, ребиулеввел, ребиулахир, режеп, шабан, рамазан, шеввал, зилкаде, зилхижже) баш мууну гана жазылып, кыскартылган

---

[45] Турк тилинде *дуба* сезу кыргыз тилиндеги *бата* сезунун ордуна колдонулат. *Дуба* жана *бата* сездеру эки тилге тен арап тилинен оошуп келген. Кыргыздарда елгендун артынан *дуба* окулат, ал эми каалоо, тилек тилееде бата кылынат. «Баша» сезу Курандын биринчи суресунун аты болуп, ачылыш маанисин берген *Фатиха* сезунун кыргызчадагы формасы болуп эсептелет. «Дуба» сезу «чакыруу», «жардам суроо» дегенди тушундурет.

[46] Carter Vaughh FINDLEY: **Dünya Tarihinde Türkler.** Çev. Ayşen ANADOL. İstanbul, 2006. s. 192.

абалда берилген. Атугул, айлардын кайсы кунунде документтин жазылганы да так керсетулген. Кепчулук документтерде даталардын астына «фи» сезу кошо жазылган. Ал сез «—да» мучесун тушундуруп, «тукунче кунде» деген мааниде колдонулган.

Дипломатиялык каттардын мазмуну ото эле ар кыл. Алардан эки елкенун ортосундагы экономикалык, саясий, маданий, гуманитардык жана диний байланыш тууралуу маалыматтарды кезиктирууге болот. Диний жактан алсак — пайгамбардын сакалынын бир талынын Осмон мамлекетинин султанынан Кокон жана Кашгардыктардын суратышы, 1852 —ж. Кокондук Хажы Мир Курбан аттуу адамга Мекеге баруусунда Осмон мамлекетинин султаны тарабынан жардам керсетулуусу, 1860 — ж. элчи Мырзажандын Мухаммед пайгамбардын сакалынын бир талын алуу учун жазган етунуч каты жана пайгамбардын сакалынан кайрадан женетулушу тууралуу; Бухара эмирлигине Осмон мамлекетинен диний китептердин женетулушу; саясий жактан — Кокондон Омор хандын Осмон мамлекетине баш ийгенин билдирген каты, Фергана мусулмандарынын Мухаммеддин жетекчилигинде орустарга каршы кетерулушу тууралуу жазуунун 1898—ж. французчадан осмон тилине которулган жазуусу; Кашгарды ээлеген Кытайга каршы Бек Кулу бектин (Якуб бектин уулу) Осмон елкесунен жардам сурашы; гуманитардык жана маданий жактан — Кокондук перс тили мугалиминин Осмон мамлекетинде эмгектениши; экономикалык жактан — курал —жарак, аскер кийимдеринен хандыктардын суратышы; Осмон мамлекетинин екумдарынын белегинин Кокондук кадырлуу адамдарга берилиши, Кокондук элчиге Мекеге баруусуна материалдык жактан жардамдын Осмон мамлекети тарабынан берилиши, Кокондон келген элчилерге белектин берилиши жана алар аркылуу ханга белектин женетулушу, элчиге кайра кайтуусуна уруксаттын берилиши ж. б. Булар изилдее иштин тертунчу, бешинчи белумдерунде толугу менен анализделип берилмекчи.

Ар бир документтин мазмунуна жана андагы маселеге жараша тиешелуу мекемелерден чечим чыкканын жогоруда баяндадык. Бул чечимдерге Жогорку Кенештин чечими (*ираде межлиси ваала),* Тышкы иштер министрлигинин саясий

маселени чечуу белуму (*ХР СЙС*), Йылдыз атындагы баш вазирдин жазуулары *(Йылдыз садарет ресми марузаты),* екумдардын жазуусу (*хатт—ы хумайун),* Тышкы иштер министрлигинин чечими (*ирадеарижийе)* жана фонддордун чечимдери (*ираде эвкаф*), падыша сарайындагы жазуу белуму (*Мабейн баш китабети),* кейгейлуу маселелер боюнча чечим *(Ираде—и хусуси)* сыяктуу мекемелерден чыккан токтомдор кирет.

Документтерде каралган маселеге жараша бир нече энчилуу аттар да кездешет. Алсак, *Мектеб—и тыббийе—и шахане* (медициналык окуу жай), Р*утбе—и рабиа* — (тертунчу даражадагы сыйлык), Межлис —и ваала — (Осмон мамлекетинин Жогорку Кенеши), *Незарет—и желиле—и харижийие* же болбосо *Харижийие незарет—и желиле* (Тышкы иштер министрлиги), *Хазине—и желиле* — (мамлекеттик казына), *Малийе—и незарети желиле* — (Финансы министрлиги), *Петерсбург сефарет—и сенийие* (Петербургдагы элчилик), *Женаб—ы Кибрийа* (Алла Таала, кудай), *Бейтуллахил—Харам* (Мекедеги Кааба), *Равза—и Мутаххара—и Хазрет—и Сеййидул—энам* (момундардын коргоочусу Мухаммед пайгамбардын кабыры), *Мусхаф—ы шериф* (Куран китеп), *Мабейн—и Хумайун* (падыша сарайында екумдардын эркектерди кабыл алчу жайы), *Бейза—йы ханефийие* (ханефи агымына кирген мусулмандар), *лихие—и саадет* же *лихие—и шериф* (Мухаммед пайгамбардын сакалы, ыйык сакал), *Туркстан дайре—и аскерийие* (Туркстан аскер белугу), *биринчи рутбеден мурасса* (баалуу таштар менен коо здолгон биринчи даражадагы сыйлык), *нишан—и Османи* (Осмон мамлекетинен берилуучу сыйлык), *экинчи рутбедек нишан—и Османи* (Осмон мамлекетинен берилуучу экинчи даражадагы сыйлык), *мемалик—и махруса* (Осмон мамлекети). Тиркемеде ар бирине айрыкча кыргызча тушундурмелер берилди.

Орто Азия хандыктары менен Осмон мамлекетинин байланышы тууралуу маалымат берген архивдик документтерде мамлекет, шаар жана челкемдердун аттары кездешет^ Алсак, *Дерсаадет, Дарул хилафе, Дарус салтанат* аттары менен Стамбул, андан сырткары Кокон, Кашгар, Искендерийие (Египеттеги шаар), *Хидив—*

*и Мысыр* (Египет), Бомбей, *Девлет—и Алиййе, Йуже Салтанат* жана *Салтанат—ы сениййе* аталыштары менен Осмон мамлекети, *Мекке—и Мукерреме* (Меке шаары), Крым, *Хазар* (Каспий денизи), Мавера —йы *Бахр—и Хазар* (Каспий денизинин аркы ейузу), Семиречинский, Ираниййе, Россия, Афганистан, Европа, Каир, Туркстан, Фергана аймагы, Лондон, Хотен, Турпан, Кытай, Индия, *Асйа—йы Вуста (Орто Азия)* ж. б. Бул аттар кебунчесу саясий бир маселени ачыктоодо же болбосо элчилердин маршруттары тууралуу баяндоолордо кезигет. Алсак, Кокондон Осмон мамлекетине барган элчилер Иран, Каир аркылуу сапарын карытышкан. Орто Азия аймагынан Мекеге баруучу ажылар Стамбул аркылуу етушкен.

Орто Азия мамлекеттери менен Осмон мамлекетинин XIX к. жана XX к. башындагы байланышы Махмуд Адли II (1808 — 1839), султан Абдулмежид (1839—1861), Абдулазиз (1861 — 1876) жана Абдулхамид II (1876 — 1909) мезгилдери менен Кокондон Омор хан (1809-1822), Мадали хан (1822-1842), Кудаяр хан (1844-1858, 18621863, 1865—1875) жана Малля хан (1858 — 1862), Кашгардан Якуб бек (1867— 1877), Хивадан Мехмед Рахим хан (1806 — 1825), Бухарадан Хайдар шах (1800—1826) жана Насрулланын (1827—1860) мезгилдерине туш келет.

Архивде Орто Азия мамлекеттеринин султанга жазган расмий каттарынын котормолору тана кездешет. Мындан улам алардын эпистолярдык жанрына терен кируу мумкун эмес. ©кунучтуу тарабы алардын саны да кеп эмес. Кебунчесу Осмон мамлекетинин баш вазири Орто Азиядан барган элчинин оозунан оозеки турде келишинин максаты, негизги маселе тууралуу кеп козгоп, маек куруп, андан сон маселени жазылуу турде султанга сунганы керунуп турат. Буга мисал 1839 —ж. Мадалинин султанга жиберген элчиси Захид Хаже —и гилан менен баш вазир маек куруу менен маалыматты оозеки турде алганын керууте болот. Андан сон маселени баш вазир кандай суроолорду берип, алардын жообун кандай турде алса, дал

ошондой жазылуу турде баяндап султанга сунган.

Стамбулдагы Туркиянын мамлекеттик архивинде хандын катынын котормосуна бир мисал, 1847 —ж. таандык Кудаяр хандын катынын котормосу, 2206 — 2 номердеги архивдик документ кездешет. Каттын да туп нускасы же кечурмесу архив документтердин арасында кездешпейт. Ал каттын келгенин султанга кабарлаган расмий документ, каттын котормосу жана катка жазылган жооп тана кездешет. Мындай маалыматтардын даты бири 1852 —ж. таандык Кудаяр хандын жиберген катынын котормосу болуп саналат. Анда да Араб халифатынын мураскорлугуна кулдугу барын билдируу менен артынан негизги маселеге токтолгон.

Кашгардын мурунку эмири маркум Якуб хандын уулу Бек Кулу бектин Кашгардагы абал тууралуу Осмон мамлекетинин султанына билдирип жиберген каты архивде сакталып калган. Анда Бек Кулу бек мындан мурунураак султанга езу барганда Кашгардын сонку абалы тууралуу оозеки турде толук жеткире айта албаганын жазып кетет. Мындан улам султан жазуу турунде маалымат беришин айтканын белгилейт. Ал элчи аркылуу жиберген катынын осмон тилиндеги которулушу гана архив документтеринин арасында кездешет.

Бухара жана Хорезмден туркмен уруу башчысы ал жердеги саясий абал тууралуу кабарлап кат жиберген. Анда Россиянын баскынчыл саясатынан ислам дининин мураскору Осмон мамлекетинин коргошун суранып атайын Мурад аттуу адамды жиберишкен. Натыйжада канчалык султан менен байланышы бекем болгонуна карабастан аларга жар дам беруунун мумкун эместигин билдиришкен. Анткени, географиялык челкемдун алыстыгы буга мумкунчулук бербей турганы керунуп турат. Катты алып келген адамдын кайра жол тарта тургандыгынан улам аты аталган кишиге жыйырма беш мин куруш акча «падышанын белегин» беруу

маселеси боюнча султандын буйругу чыгат.

Буга чейин Кокондон Осмон мамлекетине элчи болуп келген Ажы Курбан аттуу адам экинчи жолу келишинде Мекеге сапар тартып баратып, Кокон екумдарынын Осмон мамлекетинин султанына жазган катын ала келген. Каттын контекстин алып Караганда, хан Кудайга шугурчулук келтирип, адилеттуу бийликтин натыйжасында ар кандай жамандыктардан алые экенин, кудайдын жараткан пендесинин коопсуздук жана ырахатына маани бергенин, беш убак намазда падышаларын да ойлоп, Араб халифатынын мураскоруна кулдугу бар экенин билдируу менен, ал кулдуктун чынжырын мойнунда байлаарын, султанга эшик кызматчысы болсо, бейиштин ортосунда жургендей сезээрин жана эки дуйнеде тен ыраазы болоорун билдируу менен динге ишенген Ажы Мир Курбан падышалыгы дуйнеде тендеши жок кишинин босогосунда кулдук урган бенделерден болгондуктан, азыр да ыйык такты макамына барып, анын эшигин еткен, Каабаны айлануу, азирети Мухаммеддин кабырын зыярат кылуу, мындан кийинки жашоосун ошол ыйык жайда еткерууну каалаган адамга жардам беруу маселесин суранган.

Жогорудагы контекстке шайкеш келген элчинин катынын котормосу да кездешет. Анда султанды жоомарт, берешен сыяктуу сын —сыпатты билдирген сездер менен мактаган сон, маселенин ток этээр жерине токтолот. Алсак, берешен, жоомарт, улуу урматтуу падышага маселесин билдиргенин, бирок бул маселенин дале болсо жообун ала электигин, ишке ашышын кутуп жатканын, мамлекетине кайта турган мезгил келгенин билдирген арызы кездешет.

Изилдеечу А. Л. Троицкаянын берген маалыматы боюнча Кокон, Хива хандыктарынын жана Зеравшан бектеринин архивдери М. Е. Салтыков — Щедрин атындагы мамлекеттик китепканага коюлган.

Алардын бир белугун И. Д. Деляновго (жогоруда аты аталган китепкананын 1861 — 1882 — жж. директору болуп эмгектенген) Туркстан генерал-губернатору К. П. Кауфман, экинчи белугун А. Ф. Бычковго (И. Д. Деляновдон кийин 1882 —1899 — жж. китепкананын директору болуп иштеген. 1844 — 1882 — жж. ошол эле

китепкананын тарыхый кол жазмаларынан жоопкер адам болгон) А. Л. Кун тапшырган . Мында хандыктардын жеке езуне тиешелуу китепкана, тарыхый кол жазмалар жана архивинен сырткары экспедициялар тууралуу да маалыматтар орун алган. Бирок бул архивдерден хандыктардын акыркы мезгилдерине гана тешелуу маалыматтарды алууга болот. Мисалы, Кокон хандыгына тиешелуу архив документтеринин саны болжол менен беш минди тузгену менен, кепчулугу Кудаяр хандын учунчу жолу бийликке келген мезгилине (1866 — 1875 жж.) таандык.

Архивдик документтер негизинен мамлекеттин административдик тузулушунен, ички абалынан гана кабар берип келет. Алсак, анда жер белуштуруу маселесине байланышкан дептерлер, налог, арыза, патта (чек), талон, мубарак наамага (куттуктоо) байланышкан документтер бар. Ал документтер дин баары перс тилинде жазылганын керууге болот. Жада калса кыргыз жана кечмен езбектердин даттануу арыздары да перс тилинде жазылганы кенулду бурат. Кокон хандыгында официалдуу тил перс тили болгонун изилдеечулер ез эмгегинде белгилеп кетишет . Бирок Орто Азия мамлекеттеринин

'"Троицкая А. Л. Архив Кокандских ханов XIX века. Ленинград, 1957. с. 192.

[11] Мокеев А. М., Сапаралиев Д. Б. *Новый источник по истории* ***Кокандского*** *ханства.* // Диалог цивилизаций. Взаимодействие культур, народов и государств в зоне Великого Шелкого пути, 2004. №2. (5). с. 59 жана Троицкая А. Л. Архив Кокандских ханов XIX века. Ленинград, 1957. с. 192.

башка мамлекеттердин екумдарлары менен дипломатиялык байланышына тиешелуу архив документы же бир дипломатиялык кат кездешпейт.

Архивдик документтерди анализдей келип, XIX к. Осмон мамлекетинин дипломатиясы жацылыктарга толгонун айтууга болот. Осмон мамлекетинин Орто Азия хандыктары менен байланышы тууралуу архив материалдарынан ез кезинде изилдеечулерден Зеки Велиди Тоган, Акдес Нимет Курат, Баймырза Хайит, Баки Граммон жана Мехмет Сарайлар пайдаланып келишкен. Дипломатиялык каттарды

эки елкенун расмий жазышуу, эпистолярдык жанрынын езгечелугун керсетуу максатында алгач Осмон мамлекетинин каттарына жана архив документтерине жалпы мунездеме, анализ жасалды. Анткени ар бир хандык жана Осмон мамлекетинин султаны башка елкелердун екумдарына расмий кат жазууда езгече жазуу стилин колдонуп келишкендей. Мындан улам Орто Азия мамлекеттеринин екумдарларынын каттары кездешпесе да алардын султанга сунулган осмон тилиндеги котормолору аркылуу контекстны иргелееге аракет жасалды.

Илимий иштин кийинки белумдерунде XIX к. жана XX к. башына таандык архивдик документтерди мазмунуна жараша эки бапка белуп, аларды анализдее менен бирге Орто Азия тарыхы учун булак катары ролу тууралуу сез болмокчу.

## IV Б АП. X1X-XX к. башындагы Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринин ортосундагы саясий-экономикалык байланыштар

Орто Азия мамлекеттери эл аралык аренада езун таанытуу, колдоого ээ болуу максатында союздаштарды издее менен саясий жана экономикалык байланышын да женге салууга аракеттенишкен. Ал кезде Осмон мамлекети ислам дуйнесунде жана Европада Араб халифатынын мураскору катары таанылгандыктан аброю чон болгон. Мындан улам султандан хандыктардын колдоо издеесу закон ченемдуу керунуш болгон. Анткени алардын да ислам дуйнесунде ез ордун алуусу маанилуу эле. Ушул максатта хандыктардан Кокон да Осмон мамлекети менен дипломатиялык байланышын тузуп келген.

XIX к. Осмон мамлекети менен Кокон хандыгынын ортосунда дипломатиялык байланыш Омор хан (1809—1822) мезгилинде башталган. Анын убагында Осмон империясына жиберилген элчилик эки мамлекеттин ортосундагы эн алгачкы байланыштардын бирин тузет[47] [48]. Бул тууралуу В. М. Плоскихтин берген маалыматы боюнча Омор хан 1819 —ж. же 1820—ж. Константинополго Хажы Мир Курбан аттуу адамдын жетекчилигинде элчилигин жиберген. Ал элчилик Осмон мамлекетинин екумдары Махмуд II ыр турундегу куллиятты (хандын поэтикалык жыйнагын камтыган чагатайча жазылган эмгектердин
о
жыйындысын)" жана Алишер Навоинин бир канча чыгармаларын тартуулаган. Жогоруда аты аталган изилдеечунун берген маалыматы

---

[47] **Osmanlı Devleti İle Kafkasya, Türkistan ve Kınm Hanlıkları Arasındaki Münasebetlere Dair Arşiv Belgeleri (1687-1908 Ydlan Arası).** (Ankara, 1992), s. 28, 122.

[48] Ferit DEVELLİOĞLU: **Osmanlıca-Türkçe Ansiklopedik Lügat.** (Ankara, 2000), s. 534.

боюнча Махмуд II Кокон ханына аскер инструкторун жана башка

о

адистерди жибергенМир Курбандын Осмон империясына алып барган каты Туркиянын мамлекеттик архивиндеги дипломатиялык каттардын арасында кездешпейт. Бул элчилик тууралуу биринчилерден болуп француз окумуштуусу Баки Граммон жана анын эмгегине шилтеме берген В. М. Плоскихтин маалыматы менен азырынча чектелебиз. Мындан сырткары бул кат тууралуу турк изилдеечу М. Сарай езунун эмгегинде[49] [50] баяндап келип, анда Кокон ханы султанга урмат кылып, ага баш ийгенин билдирип, жихад жана газа менен шугулланып жатканын, Кытайдагы мусулмандарга да жар дам бергенин, халифа менен (Осмон мамлекети) дайыма ымалаш болууну каалаганын билдирип, султандан кылыч жана асаба беруусун суранганынан кабар берет. Бирок каттын туп нускасы жогоруда аты аталган изилдеечунун эмгегинде кездешпейт. Бул маалыматтан Омор хандын тушунда Осмон мамлекети менен саясий байланыш болгону керунуп турат.

Архивде султандын 1820 —ж. катка жазган жообу гана сакталып калган. Ал Туркиянын мамлекеттик архивинде *Хатт—ы Хумайун*[51] аттуу белумдун 36579 — номеринде жайгашкан. Анын кыскача котормосунан керунуп тургандай (1 — тиркемени караныз) катта Осмон мамлекетинин Кокон хандыгына болгон урмат — сыйы, достук мамилеси, биримдикке ун деесу жана мактоо сездеру баяндалат. Эпистоляр дык жанрында «*бактылуу, каарман, ээлегич, кучтуу хан*» маанисиндеги «*саадетлу, желадетлу, мурувветлу хан—и футувветь*» сыяктуу сездер кездешет.
Анда султандын Кокон екумдарына Дешти кыпчак жана Фергана акими деп кайрылуусуна Караганда Омор хан 1819 —ж. Дешти кыпчакка кездей бет алганы

---

[49] **Плоских В:** *Киргизы во внешней политике Коканда ( первая половина XIX в. ). /У* **Известия АН Республики Кыргызстан, №1, (1991), с. 45.**

[50] **Mehmet SARAY: Rus İşgali Devrinde Osmanlı Devleti ile Türkistan Hanlıkları Arasındaki Siyasi Münesebetler (1775-1875). TTK., Ankara. 1994. s. 37.**

[51] Осмон мамлекетинин султанынын башка елкенун екумдарына жазган каттары сакталган белумдун осмон тилинде аталышы.

тарыхта маалым. Натыйжада айдьщ — талаанын бир белугун хандыкка каратып, жетимиш койду сойдуруп, кудай еткеруп, шайыктарга Азирети султан мечитинде сыйын керсеткен[52 53]. Андан сон Сырдарыянын боюндагы Туркстан шаарын ээлее учун сапарга чыгып, аким Токай терену баш ийдирип, Хожентке кездей жол тартат. Хоженттен Хажы Мир Курбан менен Хива хандыгынын элчисин расмий турде кабыл алат да, Бухара хандыгына каршы Хива ханы менен союз тузуу максатында анын элчисине алтын, кумуш, кездеме сыяктуу белек — бечкектерди жана катты берип, элчини атайын узатуу

ишин Абдул Халык Караулбек аттуу адамга тапшырат . Бул окуя 1820 — ж. Кокон элчиси Хажы Мир Курбандын Стамбулдан сапарын карыткан мезгилге туура келет[54].

1828—ж. Кокон элчилери Хажы Мир Курбан Мамет Касымов[55] менен Садр Гамальдар Турсунходжа Найзаходжиндер Омскиге барып, Кокон екумдары Мадали хандын (1822 —1842—ж.) атынан Николай I грамота тапшырганы Н. А. Халфиндин эмгегинде баяндалат . Хажы Мир Курбан аттуу Кокон хандыгынын элчиси Омор хандын эле мезгилинде эмес, анын уулу Мадали хандын мезгилинде да элчилик кызматын аткаргандыгы ачык керунуп турат. Аты аталган эмгекте 1831—ж. Мадали хан тарабынан Петербургга элчи жиберилгендиги жазылат. Бирок падышачылыктагы Тышкы иштер министры аймактын генерал — губернаторуна мындай элчиликтерди кабыл алуу чон чыгашаларды алып келе турганын билдирген. Чынында, Омскиге, андан сон Петербургга келген элчилер Турсунходжа Найзаходжин жана Хажы Мир Курбан Мамет Касымовдорго кеткен чыгаша он мин

---

[52] Налив кин. Н. Краткая история Кокандского ханства, Казань, 1886. с. 111.

[53] Ошон. эле. с. 114.

[54] Faik Reşit UNAT: **Hicri Tarihleri Miladi Tarihe Çevirme Kılavuzu.** (Ankara, 1994), s. 85.

[55] Аты аталган Кокон элчиси В. Наливкиндин эмгегинде баяндалгандай жалгыз эле Стамбулга жиберилбестен башка елкелерге да жиберилген элчи болгондугун Н. А. Халфиндин эмгеги тастыктайт.

[111] Халфин Н. А. Россия и ханства Средней Азии. (Первая половина XIX века), М,, 1974. с. 229.

рублду тузген. Натыйжада 1831 —ж. Кокондон келген элчилик Тобольскиден кайра тарткан[56][57].

Осмон мамлекети менен дипломатиялык байланышты Кокондогу Омордон кийинки хандар да улантып келгенин керууге болот. Алсак, саясий байланышынан кабар берген дагы бир архивдик документ 36565 —номердеги (2 —тиркемени караныз) Мухаммед Алинин (Мадали) каты болуп саналат. Каттын мазмуну султанга анын баш вазири тарабынан сунулган. Хан дан султанга барган элчинин аты Захид Хаже Гилан деп аталат. Мындагы *хаже гилан* хандыктагы «хожа калан» («хожа —йи калан») деп аталган шайхулисламдан кийинки диний наам болуп эсептелгендиктен, Захид Мадали хандын мезгилинде диний кызматкер болгон сыяктанат. Бул наам тууралуу Т. К. Бейсембиевдин эмгегинде баяндалат . А. Л. Троицкаянын эмгегинде хандыктарда атайын кожо калан дар ды кабыл алчу жайдын болгонун, алар учун атайын кам керулгенунен кабар берет[58].

Катта Кокон хандыгынын Бухара эмирлиги, Россия жана Кытай менен коншу экени айтылып, алардын Бухара эмирлиги менен тынчтык абалда болгондорун, Кытай менен себепсиз согуш болбоору тууралуу билдирилет. Жада калса Кашгар, Хотен жалпысынан жети шаар Кытайга баш ийип турган чакта да коогалац чыкпоосу учун акимдерди ал жакка Кокон тараптан дайындап, Кытайдын екумдары жылына ханга бир канча акча телеп турганы женунде баяндалат. Ал эми Россия болсо кептен бери Дешти кыпчактын кечмен торе жана хандарын акча жана башка амалдар менен ездеру тарапка тартып алса, кээ бирлери ханга баш ийип зекеттерин телешкен. Ал эми калгандары эч кимге баш ийбей ез алдынча журушкену тууралуу кабар берилет.

Катта баяндалган маалыматтарга ошол убактагы окуялар кубе. Алсак,

---

[56] Халфин Н. А. Россия и ханства Средней Азии. (Первая половина XIX века). М., 1974. с. 233.

[57] Бейсембиев Т. К. «Тарих —и Шахрухи» как исторический источник. Алма-Ата, 1987. с. 71.

[58] Троицкая А. Л. Каталог архива Кокандских ханов XIX века. М., 1968. с. 418.

Мадали бийликке келээри менен Хаким хан терену бийликтен четке каккан. Ал эми кээ бирлери тескерисинче Мадалини тоготпой (Жихангир торе жана Торе хан торе) качып кетишсе да, хан аларды Ош менен Андижандын ортосундагы аймактан кармап келтирген[59] [60]. Булар жогоруда баяндалган ханга баш ийбей, ез алдынча журушкендердун катарына кирет. Мындайларга 1834 —ж. Алим хандын уулдары Ибраимбек, Муратбектер да кирет. Алар Каратегинден Шахрисябзга келип, Ферганадагы абалдын начардыгынан пайдаланып (Мадалинин езунун егей энесин суйуп калышы, кумарпоз жана катынпоздугу элдин кыжырын кайнаткан мезгил), Мадалини тактыдан тушуруунун ынгайлуу жолун кутуп турушкандары да мисал боло алат[1]'. Ошол эле жылы Мадали Каратегинди ээлегенде хандыкка баш ийгиси келбеген кыргыздын тейит уруусу Памирге кездей етуп кетишет. Лашкар Кушбеги бугу уруусун талкалап, алардын чегинген отрядын Иле округуна чейин кеземелге алуу менен Чыгыш Туркстандагы цинь аскерлерине да коркунуч туудурган[16]. Ханга баш ийууну каалабагандар Бухара жана Шахрисябзга барып, Ташкент терелеру менен бирге Бухара эмири Насрулладан жар дам сурап кайрылышкан. Натыйжада 1842 —ж. жазында Бухара эмирлиги Коконду каратып, Мадалини елум жазасына тарткан . А. Вамберинин берген маалыматы боюнча эмир Мадалини Маргаландан карматып келип, аны Кокон до бир тууганы жана эки баласы менен кошо елтурткен. Андан сон Коконго эки мин аскер менен Ибрагим бийди аким кылып дайындаган . Бирок алардын бийлиги кепке созулган эмес. Бир жылдан кийин Кокон хандыгы Ташкент, Курама, Хожентти Бухара эмирлигинен кайра алган.

Мадали султанга жазган катында андан ары Фергана, Дешти кыпчак казак жана Дешти Алай кыргыздарын башкаруусу учун ага «*хандардын ханы*» наамынын берилишин, мындан улам эч кимге баш ийбеген хандарга насаат айтып, ханга баш ийуусуне чакырып, мусулман калкынын кенул бирдиги тилегине жетуу маселесин козгоп, он эки жаштагы уулу, мураскору Мухаммед Эмин ханга (Мадамин хан) да *киллер* ханы» наамы берилсе, суйунеерун, максатына жетээрин билдирген. Бул титул

---

[59] Наливкин Н. Краткая история Кокандского ханства, Казань, 1886. с. 126.
[60] Ошон. эле. б. 134.

эки чон маселени жаратат, биринчиси туркче аталыштан «аймактын ханы» деген маанини берет, бирок, мындай титул турк тарыхында буга чейин берилгенби, тартышмалуу маселе. Экинчиси Мадали хан мезгилинде Тундук Кыргызстанга жана Чыгыш Туркстанга жортуулдар болгон. Мындан улам хан Иле дарыясынын аймагын [61] [62] [63] башкарууну мураскор баласы Мадаминге беруунү чечип, бул титулду сурап жатабы езунче бир маселе, эгер андай болсо «иллер ханы» эмес, «Илилер ханы» деп жазылмак деген тыянакты чыгарууга болот. Бул маселе боюнча М. Сарай эмгегинде «иллер ханы» терминин «аймактын ханы» маанисинде караган[64]. Бир хандыктын ичинде экинчи бир хандык статусунун болушу кумен болгондугуна карабай, Мадали езуне «хандардын ханы» титулун суранып жаткандыктан кол астындагы аймактардын хандарын башкаруу учун «хандардын ханы» болууну пландаган сыяктанат. Мындан улам «иллер ханы» титулу да бир нече аймактын ханы, башкаруучусу маанисинде колдонулган сыяктанат.

Мадалинин *«хандар ханы»* титулун суранып жатышынын себеби, анын мезгилинде хандыктын аймагы бир топ кенейип, Орто Азиядагы чон мамлекетке айланган. Ал кезде Чуй ереену толугу менен хандыкка кирген. 1825 —ж. Лашкер Кушбеги баштаган терт мин адамдан турган кошуун барып, Бишкек чеби курулуп, гарнизон коюлган. Андан сон Ысыккелдун тегерегиндеги кыргыздарга бет алган. 1831 — ж. биринчи топ Лашкер Кушбегинин жетекчилигинде Чуй ереену аркылуу Ысыккелге кездей бет алса, экинчи топ Хаккулу минбашынын башчылыгында Ферганадан чыгып, Кекарт ашуусун ашып, Борбордук Тяншанды басып алуу учун женейт. Эки аскердик топ Ысыккелден жоолугушмакчы болот. Натыйжада хандык ез максатына жетип, Тогузторо, Куртка, Жумгал, Барскоон, Конурелен жана

---

[61] Плоских В. *Киргизы во внешней политике Коканда (первая половина XIX века). II* Известия АН Республики Кыргызстан. 1991. с. 44.

[62] Бейсембиев Т. К. «Тарих —и Шахрухи» как исторический источник. Алма-Ата, 1987. с. 20.

[63] Вамбери А. Очерки Средней Азии. (Дополнение к путешествию по Средней Азии). М,, 1868. с. 325.

[64] Mehmet SARAY: **Rus İşgali Devrinde Osmanlı Devleti ile Türkistan Hanlıkları Arasındaki Siyasi Münasebetler (1775-1875). (** Ankara, 19940), s. 49.

Каракол чептерин курушкан. 1832 —ж. Куртка чеби Нарында, Ташкурган чеби Памирде курулуп, Цинь империясынын чек арасы Музарт ашуусуна чейин артка жылган. Бирок аймагы кенейгени менен хандыкта ички
абал начардап, сарайда бир канча топтор пайда болгон. Алар XIX к.
40 —ж. куч алганы маалым .[20]

Кээ бир булактарда 1831—ж. Кокон аскерлери Иле аймагына чейин кирип келишкени маалымдалат . Ошол жылы Цинь провинциясы (Шаньсидеги кетерулуштен улам) Кокон менен келишимге кол койгон, ал боюнча хан кожолордун Кашгарга качышына тоскоолдук кылып, аларды кеземелге алмай болгон. Буга жооп кылып Цинь провинциясы Чыгыш Туркстандын шаарларына келген чет элдик соодагерлердин товарынан салык телеп турмай болгон. Салыкты топтоочу болуп Кашгар шаарынын аксакалы шайланган. Ал Мадали хан тарабынан дайындалган Алим паша аттуу соодагер экенин Б. Боотаева ез эмгегинде атап кетет . Анткени, Хотан, Учтурпан, Янысар, Аксу, Яркенд жана Кашгарга келген чет элдик соодагерлер Кокон хандыгынын екулунун кеземелунен етуп турушкан. Бул келишим Кокон хандыгынын авторитетин кетеруу менен он жылдай екум сурген. Мадалинин султанга жазган катында баяндалган Кытай екумдары жылына белгилуу суммада акча телеп турушу ушул келишимден кийинки телемдеру болгон сыяктанат. Мадали бийлик кылган акыркы жылдары Кокон хандыгы начардай баштагандыктан, абалдан пайдаланып, кожолор хандыкты таштап, Кашгардагы мусулмандарга кошулуп Цинь империясына каршы курешушкен. [65 66 67]

В. Наливкиндин берген маалыматы боюнча Мадали хан он эки жашында тактыга отурса[68], 1839 —ж. Осмон мамлекетине жогорудагы катты жиберген кезде

---

Бейсембиев Т. К. «Тарих —и Шахрухи» как исторический источник. Алма-Ата, 1987. с. 20.

[66] Никольская Г. Б., Матвеев А. М. *Присоединение Средней Азии к Царской России и сопредельные страны Востока. // Материалы по истории присоединение Средней Азии к России. Ч. 1. Ташкент, 1969. с. 105.*

[67] Боотаева Б. Кыргызы между Кокандом, Китаем и Россией. Б., 1995. с. 49.

[68] Наливкин Н. Краткая история Кокандского ханства, Казань, 1886. с. 122.

ал болгону жыйырма тогуз жашта болгон. В. Плоских макаласында Баки Граммондун эмгегине шилтеме берип, анда 1833 —ж. Мадалиден султанга элчи кат менен барып, хандыктын аскер санынын жылдан жылга кебейуп жатканын билдируу менен жее аскерлеринин жоктугунан сез болгондугу баяндалат[69 70]. 1839 —ж. чейин да Мадали хандан султанга элчи барганы жана жее аскерлеринин жоктугунан кеп кылынганы маалым. Ал эми 1839 —ж. барган элчилик тууралуу ушул эле макалада маалымат кездешет. Анда Кокон элчилери Россиянин екулу А. Бутенев менен Стамбулдан кездешип, жакында Россияга да Кокондон элчилик бараарын билдирген[2о].

Кийинки архивдик документ жогорудагы экинчи тиркемеге толуктоолор киргизе турган, ал тууралуу маалымат берген Кудаяр ханга таандык кат болуп саналат. 1847—ж. Кудаяр хандын Бухара ханы тарабынан алынган аймактарды кайра тартып алгандарын билдирген жана ал аймактагы баалуу таштарды алуу учун Осмон мамлекетинен адистерди суранган расмий каты архивдин 2206 — 2 — номеринде (3 — тиркемени караныз) орун алган. Катта Кудаяр тууганы Мухаммед Али хан менен султандын ымалаш болуп келгенин эскертип етет. Алсак, Фергана вилаяты менен Дешти кыпчактын ээси болуп Мадали хан турганда бир канча саткын топ курап, кээ бир уруулар менен келишим тузуп, башкаруучулукта бузукулук кылып, мамлекетте баш аламандык алып келгендери тууралуу баяндайт. Мында Мадали елуп, оо дуйне сапар тартып, Бухара Фергана тарапка кол салып, илимпоз, кадырман адамдардын укуктарын тепселеп, аларга акаарат кылып, пайгамбардан кийин ислам динине киргизилген нерселерди езуне кенумуш адатка айландырды, — деп маалымат берет. Андан соц Улуу Мевла азиретинин жардамы, кыпчак тобунун аракети менен душманга кол салып, еч алынганы тууралуу айтылат. Анда Ташкент, Исфижаб, Осрад жана Дешти кыпчак, Туркстанга чейинки аймак кайрадан

---

[69] Плоских В. *Киргизы во внешней политике Коканда (первая половина XIX века). II* Известия АН Республики Кыргызстан. 1991. с. 46.

[70] Ошон. эле. б. 46.

Бухарадан тартып алынганынан, аты аталган аймактардагы калк улуу Мевлага (улуу жараткан, кудай маанисинде) кундур — тундур шутурчулук келтиргенинен кабар берет. Чынында эле тарыхый окуяларга сареп салсак, 1842 —ж. Шераалы хан Ферганага кез карандысыздыкты кайрадан келтирип, 1843—ж. Ташкентти Бухарадан тартып алган. Бул мезгилден баштап Бухара менен Кокондун ортосундагы тец тайлашуу куч алып, 1865 —ж. чейин созулган.

Кудаяр жакыр жана алсыздарга адилеттуулук орнотконун, айланада кээ бир мусулманга тийишкен Хыта (Кытай тууралуу сез болуп жатат) каапыры (мусулман болбогондордун баарына каапыр же каиырмуслим деп аташкан) менен да согушуп *жихад жана газадан* улам ийгиликке жеткенин, мамлекетиндеги тоолордо алтын, кумуш, якут, фируза, жез, калай жана башка байлыктар кептугуне карабай кен иштетуучулердун жоктугунан улам султандан хандыкка мындай адистерден женетулушун суранган. Атугул, Кокон шаары да «леккан» (же делкан) аты менен таанымал аймак экенин баяндап еткен. А. [71] [72]
Вамбери езунун эмгегинде Бадахшан жана Кокон аймагы бирюзалар (жашыл бирюза) менен таанымал экенин белгилеп кетет . Шацдын ээси, бейиштин жайында отурган султан Махмуд Мухаммед Алиге ез убагында колдон келгенин аябаганын, мындан улам ага да ошондой жардам берилээрин умут эткенин билдирет. Натыйжада эки —уч металл иштетуучу адис усталарды дайындап женетуусун суранат. Бирок бул суранычтардын натыйжасы тууралуу документ кездешпейт.

Орто Азия хандыктарынын ичинен айрыкча Бухара менен Кокондун ортосундагы согуштардын себебин аймак талашуулар тузген. Алар ез ара чыр — чатактарын султанга кабарлап, бири —бирин жамандаган мезгилдер да болгон.

---

жихад жана газа — ишеним учун согуш. Мусулмандардын кайырдиндерге карты ыйык согушу.

[72] леккан же делкан —«лек» перс тилинде Кызыл боек алууда колдонулган металдын аты болсо, «кан» — бир нерсенин мол чыккан жери, жайы маанисин берет. Демек, метал мол чыккан аймак катары таанылган жер дегенди тушундурет. Ал эми изилдеечу М. Сарай муну Делкан деп жер аты катары берген. Бул дагы да терен изилдеену талап кылат.

Буларга жогорудагы Кудаяр хандын каты мисал боло алат. Кокон хандыгынын аймагы кенейип, саясий кучке айланган мезгилден баштап Бухара эмирлиги менен аймак талашуу маселеси куч алган. Булардын ортосунда Оротебе стратегиялык аймак болуп, ал учун экеенун ортосунда он беш жолу согуш болгону маалым.

Ал эми XIX к. экинчи жарымынан Россиянин Туркстанды басып алуу саясаты башталып, хандыктар ээлеген аймактар орус падышачылыгына карай баштаган. Бул мезгилде алар Россияга карты Осмон мамлекетинен жардам сурап кайрылышкан. Мына ушуга байланышкан документ 1870 —ж. таандык Бухара жана Хорезм туркмендерунун Россияга карты Осмон мамлекетинин жардамын сураган

1627 — номердеги каты (4 — тиркемени караныз) болуп

эсептелет. Бухара жана Хива тараптан Россиянин басып алуу саясатын билдирген, мындан улам султандан жардам сураган мазмундагы жазууга

8 Вамбери А. Очерки Средней Азии. (Дополнение к путешествию по Средней Азии). М,, 1868. с. 238.

Осмон мамлекетинин екумдары жооп кылып географиялык челкемдун алыстыгынан, Орто Азияга чейинки аралыкта тоскоол болчу мамлекеттердин жайгашышынан улам жардам беруу мумкун эместигин билдирген кат жиберилгени маалым.

Россиянын Туркстанды басып алуу процессинде Осмон мамлекети ез жардамын корсете алган эмес. Анткени, ал кезде Осмон елкесу кулап бараткан мамлекет эле. А бирок, бута карабай Орто Азияда Россияга карты кетерулушке султан Туркстан калкын ундеген деген маалыматтар илим дуйнесунде кездешпей койбойт. Мунун бири Андижан кетерулушу болуп саналат. Мындай пикирди тегундеген жазуу архив материалдарынын арасында кездешет. Ал боюнча алып карасак, 1898 —ж. Исхак Мехмет Али (Дукчи Ишан) башчылыгында Фергана мусулмандарынын орус аскерлери менен болгон согушу тууралуу маалымат архив документа катары сакталып калган. Анда Исхак Мехмет Алинин Осмон

мамлекетине кайрылгандыгын тегундеген 179/128 —номердеги жазуу (5 — тиркемени караныз) кездешет. Бул документте кептен бери Туркстанда жашаган Борис Такеин аттуу адам жогоруда баяндалган окуянын себебин аймактагы башкаруу ишинин баш аламандыгынан келип чыккан калп деп берет. Атугул, бул маселе боюнча англис тыщчылар жергиликтуу калкты тенкерушке чакыргандыгына байланышкан маалыматтар французча которулуп, бир канча гезиттерге жарыя кылынгандыгынан улам Осмон мамлекетинин Тышкы иштер министрлигинин жазуусу чыгат.

Фергана аймагында Исхак Мухаммед Алинин башчылыгында кетерулушчулердун орус аскерлери менен согушу тууралуу кээ бир маалыматтарды камтыган «Message Official" гезитинен алып, Санкт Петербург гезити билдирген. Анын Петербург элчилигинен алынган котормосу менен расмий кат 1898 —ж. июнь айында (8 жафер хижра 1316) султанга сунулган. Анда аты аталган Мухаммед Алинин жардам учун Осмон мамлекетине кайрылгандыгы тууралуу баяндалат. Бул жалган жалаа экенин далилдее учун Осмон мамлекетинин Тышкы иштер министрлиги тарабынан атайын жазуу жазылат. 1898—ж. Осмон мамлекетинин Тышкы иштер министрлигинен Андижан кетерулушун жетектеечулер менен султандын байланышын жокко чыгарган жазуу документ катары сакталып калган.

Андижан кетерулушу тууралуу изилдегендин баары Туркия менен кетерулушту жетектеечулер дун байланышы тууралуу карап келет. Дукчи Ишанга султан тарабынан моралдык жактан гана жардам керсетулбесе (байрак, алтын шакек дегендей) ага башка жардам болбоору белгилуу. Кетерулушке аны султан халиф Абдулхамид II (1876—1909) шайлабаганы айдан ачык керунуп турат. К. Молдокасымов езунун макаласында И. П. Ювачевдин маалыматына шилтеме беруу менен анда Туркиядан Абдулжалил атындагы бир авантюрист келип, эшенге (кетерулушту жетектеген Дукчи Ишанга) султандын берип ийген чепкенин, асаба жана Мухаммед пайгамбардын чачын тапшырып газават жарыялоого чакырганы тууралуу баяндалат . Дукчи Ишан отуз тогуз жашында Ошко бар ганда Кашгар дык

Абд ал —карим ибн Мир Содик —кори аттуу киши келип, ага алтын шакекти тапшырган. Ал аркылуу султан Абдулхамид II Дукчи Ишанга алтын шакек, казаттын (газават) байрагын жана грамота бергенин кабарлаган. Бирок бул маалыматтардын баарын тегундеген ез мезгилинде жазылган архивдик документ кунубузде колубузга тийип отурат. Болжол менен эки миндей адам 1898—ж. 18 —майда Андижан шаарындагы падышалык Россиянын аскер казармасына кол салышкан. Кетерулуштун башында турган [73] негизги алты киши дар гага асылып, калган дары Сибирге айдалган. Кетерулуштун жетекчиси Мухаммед Али (Ийикчи Ишан) 19 —майда колго тушкен.

К Молдокасымовдун берген маалыматы боюнча «Фергана хандарынын тарыхы» аттуу кол жазманын автору Магзуми[74] [75] Андижан кетерулушунде Дукчи Ишандын кенешчиси жана кетерулуштун демилгечилеринен болгон . Аты аталган эмгекте Дукчи Ишан даргага асылса, Магзуми Абдужалил (Осмон мамлекетинен келген адам) жана аз сандагы адамдары менен Чыгыш Туркстанга качканынан кабар берет[76]. Изилдеечу Н. Шахрани езунун эмгегинде Виилердин (Wheeler) эмгегине шилтеме берип, ал боюнча кыргыздардан Памирге 1898—ж. Андижан кетерулушунен кийин кечуп келгендер болгонун билдирет[77]. Андижан кетерулушу дервишизм менен байланышкан болуп, Россияга анын Туркстанды ээлеесунде коркунуч туудурган процесс сыяктуу сезилген. Кетерулушту изилдеечулер Дукчи

---

73

Молдокасымов К. *Кокон ордосунда кызмат втвгвн кыргыз аалымы.* // Кыргыздар. Т. 5. Бишкек, 2004. 259. б.

311 Изилдеечу К. Молдокасымов макаласында Магзуминин («Фергана хандарынын тарыхы» аттуу кол жазманын автору тууралуу сез болуп жатат) улутун кыргыз деп берет.

75 Молдокасымов К. *Кокон ордосунда кызмат втвгвн кыргыз аалымы.* // Кыргыздар. Т. 5. Бишкек, 2004. 259. б.

76 Ошон. эле. 261. б.

77 Nazif M. SHAHRANI: **The Kirghiz and Wakhi of Afghanistan.** Adaptation to Closed Frontiers and War. 2002 by the University of Washington Press, p. 38, 49.

Ишанды аскердик таланты жок адам болгондуктан, кетерулуш стихиялуу формада болгонун белгилешет. Аскердик тажрыйбасыз Дукчинин жетекчилигиндеги Андижан кетерулушу Россия тарабынан кыска убакытта басылып, андан ары орус падышачылыгы езунун саясатын бекемдеену кездеп, 1899 —ж. Туркстанда жаны армия куруугa ашыккан. Бул тууралуу
кабарлаган 193/32 —номер де архивдик документ (6 —тиркемени караныз) кездешет. Анда Туркстан, Каспий, Жетисуу областтарынын аскердик белуктеру бириктирилип, жалпысынан ага «Туркстан Генерал Губернаторлугу» аты берилип, аскерлердин санын бара —бара кебейтуп, императордун буйругу менен эки чон армия тузуу жана алардын кайсы белуктерден куралаары тууралуу баяндап, Петербург элчилигиндеги дипломат Энвер мырзанын женеткен расмий катынын бир нускасы улуттук коргонуу («milli müdafaa») мекемеси аркылуу султанга сунулган. Мындан орус падышачылыгынын Андижан кетерулушу сымал саясий толкундоолорду болтурбоо учун Туркстандагы армиясын бекемдеену пландаганын байкоого болот. Бул жерден Туркстан географиялык аталыш бара — бара политонимге айлана баштаганы да керунуп турат.

К. Е. Бендриковдун берген маалыматы боюнча 1899 —ж. баштап Туркстан генерал —губернаторлугу Жетисуу, Сырдарыя, Самарканд, Фергана жана Закаспий болуп беш областка белунген. Ар бир облает уезддерге белунген. 1882—1889 —ж. Жетисуу Туркстандын составына кирбей, айдыщ—талаа (степь) генерал —губернаторлугуна кирген. Закаспий областы болсо 1897 —ж. Туркстан крайына кирген[78]. Туркстан аталышынын езгерууге дуушар болушу туурасында В. В. Бартольд темендегудей маалымат берет: «Советтик Россия мезгилинде Туркстан термини этникалык себептерден улам колдонуудан чыга баштаган. Октябрь революциясынан кийин бир нече жыл Туркстан республикасы сакталып турган. Баштапкыга Караганда аймагы кичирейсе да 1924—ж. жалпы географиялык

---

[78] Бендриков К. Е. Очерки по истории народного образования в Туркестане (1865 — 1924). М„ 1960. с. 23.

аталыштар (элдин атынан улам) езгерууге учуратылган. Ар ири улуттар мамлекеттуулугуне ээ болгон. Бирок дале болсо аймактагы чарбалык жана башка маселелер Ташкенттен чечилген. Бул мезгилден тартып Туркстан аталышы унутулуп, ордуна Орто Азия термины колдонула баштаган» . Ал эми Кытай мамлекетине караган Туркстандын бир белугу Чыгыш Туркстан аталышын Синзян аты менен кошо колдонуп келе жатат. Чыгыш Туркстандын Синзян атын алышы XIX. к. экинчи жарымына туш келет. Ушул мезгилдерде Чыгыш Туркстандын саясий тарыхы езгеруулерге туш болгон.

XIX к. экинчи жарымында Кашгарда исламдын жактоочусу бийлик башында турса, Яркендце жергиликтуу калктын екулу, ал эми башка аймактарда дале болсо кытайлыктардын башкарып турган мезгилдери болгон[79] [80] [81]. Дал ошол мезгилде Чыгыш Туркстанда таанылган тарыхый инсан Якуб бек Кытайдын кол салуусуна карты Кокон аскер башчысы Алымкул тарабынан Жихангир теренун уулу Бузурук хан менен чогуу алтымыш алты кишиден турган топ менен Кашгарга женетулген. Бузурук хан Кашгардагы бийликти алганда Якуб бек аскер топтоп, Бузуруктун бийликке кош кецул мамилесинен пайдаланып, башкарууну ез колуна алган. Алгач

---

[79] Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек, 1997. 420. б.

[80] Кляшторный С. Г., Колесников А. А. Восточный Туркестан глазами русских путешественников, (второй половины XIX в.). Алма-Ата, 1988, с. 101.

[81] Тарыхта Якуб хан Бадевлет, Мухаммед Якуб бек аттары менен таанылган Якуб 1820 —ж. Ташкентке жакын жердеги Пскент (туркче булактарда Пишкент деп кездешет) аттуу кыштакта туулган. Алгач молдо болууну ойлогон Якуб бек табияты жана жендемдуулугунен улам бир канча кесипти алманггырган. Атасы елген сон ар кайсы чайханада ырдап журуп, кийин Азырбектин аскерине жигит болгон. Якуб бектин карындашы Ташкенттин акими Нур Мухаммед ханга турмушка чыгат. Якуб бек куйее баласы аркылуу Кокон хандыгына аскер болуп кирип, кеп отпей 1845—ж. кыска убакыттын ичинде Кокон ханы Кудаярдын жарчысы болуп шайланат. Алымкул 1865 —ж. Кокон хандыгынын такты сына келууну самап, Якуб бекти Бузурук Ханга жардамчы болуусу учун алтымыш алты кишиден турган топ менен Ташкенттен Кашгарга женетет. 1867 —ж. Чыгыш Туркстанда Жетишаар аттуу мусулман мамлекетин туптейт.

1867—ж. Яркенд, Хотенди андан сон Кашгарды ээлеген. Анын мамлекетинин аймагы чыгыштан Урумчи, батыштан Памир, тундукген Балкаш, Алтай, туштуктен Каракурум тоолоруна чейин жеткен.

Якуб бек ез бийлигин орноткон сон езуне союздаштарды издей баштаган. Анын бийлигин Англия, Россия жана Осмон мамлекети расмий тааныган жана алар менен дипломатиялык байланыштар женге салынган. Айрыкча Осмон мамлекети менен байланыш позитивдуу мунезде болгонун архив материалдары тастыктайт. Алсак, 1872 —ж. Якуб бек Осмон мамлекетине элчилерин жиберген. Осмон мамлекетинин султаны Абдулазиз II (1861 — 1876) Кашгарга элчи менен кошо беш аскер кызматчысын жана курал — жарактарды жиберип, Якуб бекке "Эмирул муслимин" (мусулмандардын эмири, башкаруучусу) деген наам берген. Якуб бек да Кашгарда султан Абдулазиздин атына кутпа окуткан. Акча чыгартып, ага Осмон мамлекетинин султанынын атын жаздырган.

Эки елкенун ортосундагы байланыштын куч алышынын негизги себеби катары изиддеечу М. Сарай ез эмгегинде темендегу уч нерсени керсетет. Биринчиден Англия Россия падышачылыгынын Индияга чейин кеземелдук кылуусун каалаган эмес. Ошондон улам Кашгар ды кучтендуруу саясатын Осмон мамлекети аркылуу жургузген. Ал эми Россиянын атаандашы болгон Осмон мамлекети Англия менен союздаш болуу максатында Кашгар менен мамиле куруусу да ыктымал. [82]

Экинчиден буга чейин Туркстан хандыктарына жетишээрлик жардам беруун каалаca да ез мезгилинде жардам бере албашына географиялык челкемдун алыстыгы менен Туркстан хандыктары толук ишенимди бере албашында жаткан. Учунчуден Туркстан хандыктарынын ич ара чыр — чатактары Осмон мамлекетинин аларга болгон мамилесин татаалдаштырган, атугул султан Орто Азия мамлекеттерине ез

[82] кутпа — жума намазынан мурун, маирам намазынан кийин молдонун калайык калкка айткан диний насыяты.

ара биригууге чакырганына кош кенул мамиле жасашкан. Ал тур гай ошол мезгилде орустар менен согуштун башталышы да тоскоол болгон. Ал эми Якуб бек менен дагы тыгыз мамиле тузушунун себеби Якуб бектин султандын ишенимине ээ болушу, Осмон мамлекетине жиберген элчилеринин ишенимдуу болушунан улам султан Кашгар хандыгы менен бекем байланыш тузе баштаган [83] . Орус падышачылыгы бир эле Осмон мамлекетине карты эмес, Туркстан хандыктарына да коз артканын байкаган султан Кашгар мамлекети менен тыгыз байланыш тузууну кездеген. Якуб бек Англия, Россия, Осмон мамлекеттеринен сырткары ошол мезгилдеги Туркстан хандыктары менен да тыгыз байланышкан. Алсак, Якуб бекке Бухара эмири Музаффер «Аталык гази» наамын берген. Кашгар мамлекети бара бара куч алып, Якуб бек 1872 —ж. Россия падышачылыгы менен, 1874—ж. Индиядагы англис колонизаторлору менен соода келишимдерине кол койгон. Финдлейдин (Findley Carter Vaughh) берген маалыматы боюнча «Азияда чон оюн» деп аталган Россия — Британия тентайлашуусу Якуб бектин мамлекетине Осмон мамлекетинен башка чет елкелердун да кенул буруусуна туртку болгон[84].

Чыгыш Туркстанда Якуб бектин бийлигинин куч алышы Кытай мамлекетинин тынчын алган. Натыйжада Кытай мамлекети 1877—ж. генерал Тсо Тсунг —Танг жана генерал Лиу Чин — Тангдардын башчылыгындагы аскерлерин Чыгыш Туркстанга жортуулга чыгарган. Алар ошол эле жылы Урумчи менен Кумулду ээлешкен. Алапайын таппай калган Якуб бек Кытай менен келишим тузууну ойлогон. Бирок келишимге чейин эле Якубду Хотендин акими Нияз бек жана анын жардамчысы Ашур бек суикаст жолу менен елтурушкен. 1877—ж. Якуб бектин ууланып елушунен, бийлик талашуу маселеси куч алган мезгилден пайдаланып Кытай Чыгыш Туркстанды толугу менен ээлеген. Якубдун мамлекети 1878—ж. Кытайдын батышындагы дунгандардын кетерулушунен улам толугу менен кулаган. Чыгыш Туркстан 1884—ж. баштап "жаны жер" маанисиндеги

---

[83] Mehmet SARAY: **Rus İşgali Devrinde Osmanlı Devleti İle Türkistan Hanlıkları Arasındaki Siyasi Münasebetler. (1775-1875),** (Ankara, 1994), s. 103-104.

[411] Carter Vaughh FINDLEY: **Dünya Tarihinde Türkler.** Çev. Ayşen ANADOL. (İstanbul, 2006), s. **191.**

Синзян аты менен Кытай мамлекетине карап калган.

Якуб бек елген сон Кытай мамлекетине карты анын уулу Бек Кулу бек чыккан. Ал жалпы Чыгыш Туркстандагы саясий абалды кат аркылуу Осмон мамлекетинин султанына билдиргенин архив материалы тастыктап турат. Стамбулдагы мамлекеттик архивдин 382 — номериндеги документ Бек Кулу бектин Осмон мамлекетинин султанына жазган каты (7 —тиркемени караныз) болуп саналат[85]. Анда Кашгар мамлекетинин эмири Якуб бектин елумунен кийин аймакты Кытай мамлекетинин ээлегенин жана алардын калкка керсеткен зордук — зомбулугу тууралуу баяндалат. Якуб бек туптеген, он эки жыл емур сурген мусулман мамлекети толугу менен тыптыйпыл боло турган абалда калганын билдирген. Буга чейин Россия мамлекети Кашгар менен чектеш болгонуна, Англия болсо Кашгар аймагына колонияларынын жакын жайгашканын шылтоолоп, аны Кытайдан коргоону сунуш кылышканын жана бул сунуштун мамлекетке зыян гана алып келээрин, жалпы мусулмандардын биримдигине шек келтирээрин Якуб бек сезип, натыйжада сунушту чечкиндуу турде четке какканын айтып еткен.

Бек Кулу бек Якуб бек елген соц Кытай коркунучунан сырткары елкедегу чагымчылар, эки жуздуулер да тынчын алып жатканын, мындан улам Якуб бектин туптеген мусулман мамлекетине, он эки жылдык эмгегине доо кеткендигин билдирген. Анткени, каттын ээси Кытайдын кол салуусунан жана Кашгар акими Якуб бектин елумунен пайдаланып ез алдынча мамлекет тузуу аракетин жасаган Хаким Хан торе сыяктууларга жол бербее, елкенун бутундутун сактап калуу учун курешуп жатканын баяндайт.

Кашгар хандыгына сырттан Кытай кол салып, ички абалында болсо ара белунуулер, бийлик талашуулар калкты алсыздатып, кээ бирлеринин Ферганага

---

[85] **Osmanlı Devleti İle Kafkasya, Türkistan ve Kırım Hanlıkları Arasındaki Münasebetlere Dair Arşiv Belgeleri (1687-1908 Yılları Arası).** (Ankara, 1992), **s.** 38.

качуусуна туртку болгон. Жаны бийликке келген Бек Кулу бек атасынын салтын улантып, Осмон мамлекетине элчи жиберээрде Кытайдын кол салуусуна дуушар болгондугун билдирген. Ички белунуулерден улам Бек Кулу бек убактылуу орустардын бийлигине караган Кокон аймагына барып баш калкалоого мажбур болгон. Кашгар дан душманды кууп чыгуунун жолун издеп, белгилуу бир мезгилге чейин Ташкентте жашаган. Атугул, алапайын таппай калган Кашгардагы бек, эмирлерден он беш миндейи Коконго качкандыктан Кытай менен Россиянын Кулжа маселеси мезгилинде орустардын Орто Азиядагы колонияларынын башкаруучусу генерал Кауфмандын орус аскерлери менен чогуу Кытайдан Кашгарды алуу керек экенин бир нече жолу сунуш кылганына карабай бул маселеде аты аталган генерал Россиянын кызыкчылыгы учун бир жол катары
ойлогонун сезип, андан баш тарткан. Жогоруда аты аталган генерал бир нече жолу Кашгардык эмир, бектерге ар кандай наам, медаль берип, езуне тартып, ез кызыкчылыктарын ишке ашырууга аракет жасаган. Бул абалдан кутулуу максатында Бек Кулу бек Ташкенттен бала —чака, бир туугандарын алып ага жакын жердеги езунун туулган жери Пскент аттуу кыштакка барып жайгашкан.

Катта Кытай Кашгарды, жалпы эле Чыгыш Туркстанды ээлеген соц жергиликтуу калктын уч жашка толо элек эркектерин топтоп мектептерде кытай тилин жана урп — адатын, динин уйретуусу мусулмандардын кыжырдануусун жаратканын билдирген. Бек Кулу бек Пскентте журуп, Кашгар дан кача албай калган бектер менен кат аркылуу байланышып турган. Анын Ташкенттен адам топтоп, Кашгар га келуусун суранышкан. Алар чек арага жакын тургандарын билдирип, бирдиктуу аракеттенип душмандарды кууп чыгуу керектигин билдиришкен. Бек кулу бек Кашгар менен Афганистан ортосунда эч кимге коз карандысыз кыргыздардын башчысы Абдуррахман датка[86] аттуу адам менен мамилелеш экенин,

---

[86] Бек Кулу бектин Осмон мамлекетинин султанына жазган катына Караганда Кашгар менен Афганистандын ортосундагы кыргыздардын башчысы Абдуррахман датка аттуу адам тууралуу сез болуп жатат. Жогоруда аты аталган киши тарыхта азырынча булактарда аты кездешпейт. Бул Алайлык же Памирдик кыргыздардын башчысы болгон сыяктанат. Бул боюнча дагы толук изилдее

атасы Якуб бек да ез кезинде ымалаш болгонун, атугул жогоруда аты аталган кыргыз даткасынын кызынан терелген бир эркек уулунун бар экенин билдирген. Кытайдын кол салуусунан улам баласын убактынча кайын атасынын жанына жиберет да, алар менен Пскентте жургенде байланышып турат. Бей Кулу бек Кокон жана Ташкент аймактарындагы адамдарын топтоп бир тараптан турса, экинчи тараптан уулу Омор датка он мин атчан кыргызды жетектеп, душманга кол салуу менен Кашгарды Кытайдан кайра алуу чечимин кабыл алышат. Бул жерден Фергана менен Чыгыш Туркстандын этникалык байланышы тыгыз экенин керууге болот. Чыгыш Туркстан жергесинде Орто Азиядан Кашгар га барып жайгашкандарды "андижандыктар" деп аташса, Кашгардан Ферганага жайгашкандарды Орто Азиялыктар “таглык" деп аташкан [87] . Якуб бектин мезгилинен бери жардам алынып келген Осмон мамлекетинен ал мезгилде кыска убакыттын ичинде жардам алуу мумкун болгон эмес. Ансыз деле Кытайдын Чыгыш Туркстанга кол салышы орус падышачылыгы менен Осмон мамлекетинин ортосундагы согуш мезгилине туш келген.

Натыйжада 1878 —ж. Кытай мамлекетинен Чыгыш Туркстанды кайра алуу мезгили Ферганада Кокон хандыгынын кулашы жана орус падышачылыгынын Орто Азияны ээлеген мезгилине туш келген. Каттагы маалыматка Караганда Кашгарды Кытайдан бошотууда Кашгар менен Афганистандын ортосундагы кыргыздардын берген жардамы жана Ташкенттеги жергиликтуу калк менен Кашгардан келген эмир, бектердин бир тараптан согушка даяр турушу ал мезгилдеги Орто Азия менен Кашгар калкынын саясий кырдаалга каршы биримдуулугун керсетуп турат. Айрыкча Абдуррахман датка башында турган кыргыздардын позициясы ар тараптуу изилдеену талап кылат.

Орто Азия калктары менен Кашгар калкы канчалык биригип Кытай мамлекетине каршы чыкканына карабастан, Кытай толугу менен Чыгыш Туркстанды ээлеп, атугул, аймактын атына “жаны жер" маанисин берген Синзян

---

талап кылынат.

[87] Бейсембиев Т. К. «*Тарих-и Шахрухи» как исторический источник.* Алма-Ата, 1987. с. 80.

географиялык терминин колдоно баштаган. Бугунку кунге чейин Чыгыш Туркстан аймагы Кытай мамлекетинин карамагына кирип келет.

XIX к. экинчи жарымында падышалык Россияга карты аскердик жардамды Орто Азия мамлекеттери Осмон мамлекетинен ала албаганы менен курал —жарак жана аскер кийимдерин ез мезгилинде алып турушкан. Бул оюн ишке ашырган хандыктардан бири Кокон болгон. Буга байланышкан 1868 —ж. таандык 13785 — номердеги документ (8 — тиркемени караныз) Кокон элчисине белектер, курал — жарак жана аскер кийимдеринен берилиши тууралуу чыккан буйрук болуп саналат. Кокондон келген элчи Сейит Якуб мырзага жетимиш беш мин куруш (Осмон мамлекетиндеги акча бирими) жана эки тур мылтыктан сырткары аскер (жоокер жана аскер башчы кийе турган) кийимдерин беруу боюнча султан Абдулазиздин буйругу чыккан. Анткени Кокон элчиси Сейит Якуб мырза да расмий жазуу аркылуу мамлекетине женой турганын билдирип, катка жооп менен бирге Кашкардын акими Якуб бекке жана Кудаяр ханга бирден Осмон мамлекетинин сыйлыгынан берилишин жана езу менен кошо келген Лутфуллах аганын да бир сыйлыкка татыктуу адам экенин белгилеп, аскердик абалды ондоо максатында эки тур мылтыктан экиден жана аскер кийиминен берилишин, Стамбулдан Искендерийеге чейинки жол каражаттарынын теленушу учун Египет менен Бомбей акимине сунуш каты берилишин суранган.

Аты аталган адамдын алып келген каты менен белектердин кабыл алынгандыгы, бирок езу султан менен бетме —бет кезиге албаары элчиге билдирилген. Буларга ернек катары экиден мылтык жана ар бир аскер чининдеги адамдын кийиминен бирден ернек катары беруу; элчиге болсо беш мин куруш «падышанын белегин» беруу; буларга кеткен чыгымды мамлекеттик казынадан алуу; Египет менен Бомбей акимине сунуш катын жазуу жана элчиге тапшыруу тууралуу султандын буйругу чыккан. Якуб бекке да Кудаяр хан менен бирге «падышанын белегинен» берилишн сурап жатышы, ал кезде Кокон тарабынан жиберилген Якуб бек Чыгыш Туркстанда жаны мамлекет туптеген мезгили эле.

Кокон екмету муктаж болгон мылтык жана расмий кийимдердин жалпы баасы он мин тогуз жуз алтымыш терт жарым курушту тузгенун Финансы министрлиги кабарлаган. Бул сумманын казынадан теленушу керек экендигин улуттук коргонуу белуму жазуу аркылуу билдирген. Маселе боюнча атайын чечим расмий дептерге жазылып, мамлекеттик казынадан Финансы министрлигине акча которулуп, телемдердун берилиши султан тарабынан буйрук кылынган.

Экинчи бир экономикалык байланышты айгинелеген 1848—ж. таандык 2206 — номердеги документ кездешет. Ал боюнча (9 —тиркемени караныз) Кокон хандыгынан элчи келип, султанга расмий кат менен хан жузун тийгизген Куран китепти тартуулаган. Ал эми Тышкы иштер министрине жылкы менен шайы жоолук тапшырган. Алып келген расмий каты которулуп, Кокон мамлекетинин географиясы жана абалы тууралуу жазылган маалымат менен кошо султанга сунулган. Осмон мамлекетинен Коконго бир канча металл иштетуучу адис женетуу етунучун элчи орозо айында бул жерде болоорунан улам, сапар карытуу мезгилине чейин алардын такталышын жана элчиге жети мин беш жуз куруш «падышанын белеги» берилуусун султан буйрук кылган. Айрыкча мамлекеттик кызматкер болуп, султанга ийилуу менен урматын керсеткендуктен элчиге *падышанын белегинен* сырткары рамазанда каржылоосу учун он мин куруш берилиши туура деп табылган.

Экономикалык жардам Осмон мамлекетинен Орто Азия хандыктарына эле болуп келбегени маалым. Анткени ез кезинде Орто Азиядан Мекеге баруучулардын саны ото кеп болгондуктан, 1899 —ж.
Бухаранын Исар аймагынын акими Хижаз (Аравия) темир жолун куруугa акчалай жардамын керсеткенун 480/230 — номердеги документтен (10 —тиркемени карацыз) байкоого болот. Документ боюнча аким Истанакул кушбеги уч миц рублду жибергени маалым. Ал Осмон мамлекетинин акча бирими боюнча отуз жети мин сегиз жуз кырк алты курушка барабар болгон. Бул боюнча документте Хижаз темир жолун куруу боюнча комиссиянын терагасы жана Финансы министринин колу коюлган. Мындай жардам XX к. башында кыргыздардан да келгенин изилдеечу Д. Сапаралиев езунун эмгегинде белгилеп кетет. Ал боюнча 1904 —ж. айтылуу

Шабдан баатыр ажылык ыйык милдетин аткарган сон, Дамаск (Шам) шаарынан Мекеге барылчу темир жолдун курулушуна ез салымы катары эки мин рубль жибергени маалым. Бул жар дамы учун султан Абдулхамиддин сыйлыгына ээ болгон[88]. Орто Азия хандары менен Осмон мамлекетинин ортосундагы байланыш бир гана саясий жактан эмес, экономикалык жактан да бекем болгонун архив материалдары тастыктоодо.

XIX к. жана XX к. башында Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринин ортосундагы саясий — экономикалык байланышта Бухара эмирлиги, Кокон, Хива жана Кашгар хандыктары Осмон мамлекетин халифа катары кабыл алып, ага баш ийип, колдоо издее менен ислам дуйнесунен ез ордуларын алууга аракет кылышкан. Хандыктар арасында болгон согуштарда бири — бирин жамандап султанга кабарлап турушкан. Осмон мамлекети болсо аларды биригуулеру учун ундеп келген. XIX к. экинчи жарымынан XX к. башына чейин Осмон мамлекети Россияга карты Орто Азия мамлекеттерине, калкына жардам берууге канчалык ынтызар болгон

[88] Сапаралиев Д. Шабдан баатыр. // Кыргыздар. Т. 6. Бишкек, 2004. 153. б.

кунде да ошол мезгилдеги ички, тышкы абалы жана жактан географиялык алыстыгы буга жол берген эмес.

## V БАП. XIX-XX к. башындагы Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы диний жана гуманитардык байланыштар

Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринен Кокон хандыгынын ортосундагы саясий байланыштан баяндаган кезде Омор хандын элчиси Мир Курбан 1820 —ж. Стамбулга баргандыгы тууpaАуу кеп кылдык эле. Аты аталган элчи Хажы Мир Курбан Осмон мамлекетине экинчи жолу сапар тартканда жеке езунун маселесин чечуу максатында хандыктын атынан барган. Бул тууралуу маалымат Туркиянын мамлекеттик архивинде Осмон мамлекетинин Жогорку Кенешинин буйруктары жайгашкан белумдун 9114 — номеринде (11 — тиркемени караныз) сакталып турат. Документ Кокон ханынын Осмон мамлекетине Хажы Мир Курбандын башчылыгында жиберген тобунан кабар берет. Ал терт башка расмий кагаздан тургандыктан, аны терт белумге белуп кароого болот. Биринчи белум султан Абдулмежид мезгилинде 1852 —ж. Мекеге баруу учун Стамбулга келген Кокон элчилеринен Хажы Мир Курбанга, уй —булесуне жана аны менен бара жаткандарга кем карчын толуктоо учун атайын жазылган расмий документ болуп саналат. Экинчи белум до ушул эле элчилик тууралуу екумдардын катчысынын баш вазирликке жазган каты, ал эми учунчу белумде Осмон мамлекетинин Жогорку Кенешинин маселеге карата чыгарган токтому орун алган. Тертунчу белумде Кокон ханынын султанга жазган катынын котормосу жайгашкан.

Кокон элчиси Хажы Мир Курбандын езунун аты Мамет Касымов болгон сыяктанат. Атында «хажы» сезунун кездешиши Меке шаарына ажылыкка барып келгендигинен улам болсо керек деген тыянакты чыгарууга болот. Архивдик документ боюнча

кийинчерээк Хажы Мир Курбан Меке шаарына уй —булесу менен кошо аттанганы маалым болуп турат. Аты аталган киши 1852 —ж. 1 — августта (хижра 1269 мухаррем айы) Стамбулга келгени жана 9 — августтан баштап Меке шаарында болоору керунуп турат[89]. Документте бута чейин Хажы Мир Курбандын элчи катары Осмон мамлекетине келип кеткендиги тууралуу да кабар берилет. Султан ага жана уй —булесуне 1852 —ж. 9 —августунан (хижра 1269) баштап кунуне жуз элуу куруштай[90] эки айга теленуп берилишин Финансы министрлигине буйрук кылган. Бул маселенин чечилиши учун атайын расмий жазуу жазылган жана ал архивдик документ катары кунубузге жеткен[91].

Мекеге жол тарткан Кокондун мурунку элчиси Хажы Мир Курбанга Осмон мамлекети эки айлык материалдык жардам берээри тууралуу Жогорку Кенештин (мажилис) чечими чыккан. Анткени, расмий жазуу жазылып, чечим чыгып, ал чечим баш вазирликке тапшырылуусун султан буйрук кылган. Бул токтом, Жогорку Кенештин чечими менен 1852 —ж. (хижра 1269) бекитилип, ага терага жана мучелеру колдорун коюшкан. Жогорку Кенештин чечимине ылайык Кокондук Хажы Мир Курбан мырза буга чейин да Осмон мамлекетине элчи болуп келип, бул жолку Стамбулга келишинде Мекеге уйбулесу менен бирге баратканы, мындан улам, аты аталган адамга 9 —августтан (1852—ж.) баштап ар бир кунге (эки айлык) акчалай жардам берилиши туурасында расмий документ жазылган.

